**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.20.624**

**Кол жазма укугунда**
***УДК*** **947.1/9(575)+951.0/8**

**ОМУРОВА ЖАМЫЙКАТ ОРОЗБЕКОВНА**

# КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУ: ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых**

**Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2020**

Диссертация Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасында аткарылды

**Илимий кеңешчи:** **Кылычев Акылбек Мукаевич,**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин жектөөчү кызматкери

**Расмий оппоненттер:** **Жаркынбаева Роза Сейдалиевна,**
тарых илимдеринин доктору, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин Тарых, археология жана этнология факультетинин жалпы тарых, тарыхнаама жана булак таануу кафедрасынын профессору

**Акунов Аалыбек Акунович,**
тарых илимдеринин доктору, профессор, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Философия жана социалдык илимдер кафедрасынын башчысы

**Ормушев Асан Сулайманович,**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык Кувейт университетинин ректору

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз Республикасынын Б. Жамгырчинов атындагы Улуттук илимдер академиясынын тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XX–XXI к. тарыхы бөлүмү, дареги: 720001, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265.

Диссертация 2020-жылдын 29-январында саат 14-00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.20.624 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү 51а.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү 51а.) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш. Фрунзе көчөсү 547) илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин «арабаев.kg» сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2020-жылдын 29-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашуу шартында эл аралык ири бирикмелерге караганда белгилүү бир тарыхый географиялык аймакта орун алган мамлекеттердин чөлкөмдүк интеграциясы маанилүү болууда. Азыркы мезгилде дүйнөнүн ар бир аймагында жайгашкан мамлекеттер арасында ар кандай тармактарды (коопсуздук, экономика, маданий-гуманитардык, илимий-технологиялык долбоорлор, билим берүү жана адистерди даярдоо ж.б.) өнүктүрүү боюнча уюмдар түзүлүүдө.

XX к. акыры – XXI к. башында постсоветтик Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан, өзүнүн тышкы саясий кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн ар тараптуу байланыштарды ишке ашырып, дүйнөлүк аренага чыгып жатат. Кыргыз Республикасы тышкы саясий багытын калыптандырууда көп тараптуу саясатты карманган, ар кандай эл аралык маселелерде өз позициясына ээ болгон Борбордук Азиядагы мамлекеттердин бири. Кыргызстан эл аралык мамилелердин активдүү катышуучусу катары дүйнөлүк саясий кадамдарда жемиштүү интеграцияланып, көптөгөн эл аралык уюмдардын жигердүү мүчөсү болууда. Мына ушундай уюмдардын бири 2001-жылы 15-июнда Кытайдын Шанхай шаарында уюшулган, Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ).

ШКУга мүчө мамлекеттер өз максаттарын ишке ашырууда тажрыйба көрсөткөндөй, тышкы саясий байланыштарды стратегиялык маанилүү багыттарды чыңдоо шартында чечүүгө жана өнүктүрүүгө аракет кылышууда. Ошону менен маселелерди ачык жана олуттуу талкуулоо алкагында келишпестиктердин алдын алуу менен тынчтыкты жана консенсусту камсыздоо. Тактап айтканда, "үч жамандыктын" коркунучунан сактануу: терроризм, сепаратизм, диний экстремизм, аларга каршы күрөштө эл аралык жана аймактык кызматташтыкты чыңдоодо. Азыркы учурда бир дагы өлкө өз алдынча мындай трансулуттук коркунучтарга туруштук берүүсү татаал экендигин унутпашыбыз керек. Бул Кыргызстанга чөлкөмдүк жана ааламдык интеграцияга жигердүү катышууга, ШКУнун негизги өнөктөштөрү Кытай Эл Республикасы жана Россия Федерациясы менен коопсуздуктун жалпы таламдарына көбүрөөк көңүл буруп, ар тараптуу кызматташууну ишке ашыруусуна мүмкүндүк берет.

Диссертацияда каралган маселелерди илимий изилдөө – Кыргызстандын тарых илиминде али да болсо өнүгө элек. Анын үстүнө, азыркы тарых илиминде изилденип жаткан көйгөйлөрдүн универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн, алардын бири-бирине көз карандылыгын жана өз ара байланышын аныктаган дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн жетишсиздиги теманын актуалдуулугун айгинилеп турат. Мындан сырткары, жаңы методологиялык ыкмаларды, концепцияларды иштеп чыгуу жана жаңы архивдик булактар менен акыркы адабияттарды илимий жүгүртүүгө киргизүү маселеси дагы актуалдуу жана учурдун талабы болуп эсептелет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен болгон байланышы**. Диссертация демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты** – ааламдашуу доорунун көйгөйлөрүн жана интеграциялык процесстердин мазмунун ачып берүү менен Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттер менен кызматташтыгынын этаптарын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Коюлган маселенин изилдөө деңгээлин аныктоо үчүн Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана ШКУнун ишмердүүлүгүнө арналган илимий эмгектерге олуттуу талдоо жүргүзүү;
2. Диссертациянын темасы боюнча тарыхый булактарын изилдөө максатында аларды типологиялаштыруу жана жаңылыгын аныктоо, диссертацияда колдонулган илимий методдорду талдоо;
3. Кытайдын Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстанга карата дипломатиялык стратегиясынын эволюциясын изилдөө; ШКУнун негизделишинин өбөлгөлөрүнүн тарыхый факторлоруна сереп салуу;
4. Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга жана уюмдарга мүчө болуусуна системалуу түрдө контент-талдоо жүргүзүү;
5. Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусунун тарыхый этаптарын аныктоо;
6. Коопсуздук маселелерин чечүүдөгү Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердигинин маани-маңызын айкындоо;
7. ШКУнун экономикалык интеграциясынын алкагында Кыргызстандын экономикалык кызматташтыгынын натыйжалуу өнүгүүсүнө жана айрым бир терс жактарына баа берүү;
8. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык жана билим берүү кызматташтыгына мүнөздөмө берүү;
9. Кытайдын ШКУнун алкагындагы “Гармониялуу дүйнө теориясы” жана “Бир алкак, бир жол” долбоорунда Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын катышуусу жана ал долбоорлор Кыргызстандын экономикалык ж.б. өнүгүүсүнө тийгизген таасирин анализдөө жана баа берүү;
10. Россиянын Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандагы ШКУ жана ЖККУ уюмдарынын алкагында ишке ашырылып жаткан кызматташтыгына сереп салуу;
11. АКШ, Евробиримдигине кирген өлкөлөрдүн ж.б. мамлекеттердин ШКУга жана Борбордук Азияга анын ичинде Кыргызстанга карата жүргүзүп жаткан мамилесине мүнөздөмө берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Кыргызстандын тарых илиминде биринчи жолу ШКУнун абройлуу эл аралык уюм катары түптөлүү тарыхы комплекстүү изилденип, анын тарыхый этаптары аныкталды; Борбордук Азия анын ичинен Кыргызстандын ШКУга мүчө мамлекеттер менен ушул уюмдун алкагында коопсуздук чөйрөсүндө,

экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттарда кызматташтыкты ишке ашыруу жүрүмдөрү талдоого алынды;
2. ШКУнун түзүлүшү жана Кыргызстандын бул уюмдагы орду, анын ар тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө кошкон салымынын сандык эле эмес, сапаттык мааниси да көрсөтүлдү;
3. Ата Мекендик тарыхнаамада алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын ШКУ алкагындагы өз ара аракеттенүү тарыхын мезгилдерге бөлүштүрүү сунушталып, үч этапка бөлүндү;
4. Изденүүчү тарабынан системалык ыкманын негизинде, ШКУнун расмий документтери, Кыргыз Республикасынын Президентинин учурдагы архивинин материалдары анализге алынды. ШКУнун сайттарында (Россия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан), жарыяланган жана жарыяланбаган ШКУнун расмий документтери, ШКУга мүчө мамлекеттердин университеттеринин, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин, миграция кызматтарынын материалдары, айрым министрликтердин расмий аналитикалык маалыматтары диссертациялык иште кеңири колдонулуп, изилдөөнүн булак базасын кыйла кеңейтти;
5. ШКУнун алкагындагы "Бир алкак - бир жол" жана башка долбоорлорду ишке ашыруудагы ийгиликтер менен катар Кыргызстандын ички өнүгүүсүнө байланыштуу айрым бир көйгөйлөр аныкталды. Статистикалык жана башка маалыматтар аркылуу Кытайдын Кыргызстандагы экономикалык таасиринин өсүшү (транспорттук инфраструктура, инвестициялар, республиканын ар бир аймагында пайдалуу табигый ресурстарды иштетүү ж.б.) жана Кытайдын Кыргызстандагы экономикалык жана демографиялык катышуусунун кеңейишине мүмкүн болгон коркунучтар көрсөтүлдү;
6. Диссертациялык иште биринчи жолу Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын көз карашынан алганда, ШКУ алкагында сунушталган Кытай менен Россиянын тышкы саясий концепцияларына талдоо жүргүзүлдү: “Төрт тараптуу байланыш”, “Стратегиялык тең салмактуулук”, “Тынчтык жана өнүгүү”, “Гармониялык дүйнө”, “Кытай кыялы”, “Бир алкак, бир жол” жана башкалар.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Илимий иштин ар бир бабындагы негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар ШКУнун ишмердүүлүгүнө жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы Кытай жана Россия менен болгон байланышына анализ берүүдө, мындан аркы илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоого колдонулат. Ошону менен катар диссертациялык иштин мазмуну чөлкөм таануу, Ата Мекен тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУнун тарыхы, азыркы эл аралык мамилелер менен дипломатиянын тарыхы сыяктуу көйгөйлөрдү изилдөөдө, интернеттик дарстарды даярдоодо, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө пайдаланууга болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.**

1. Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу тарыхы үч этаптан турат: биринчи этабы “жакшы коңшулук жана дипломатиялык мамилелерди түптөө” (1991-1996-жж.), экинчи этабы “биргелешкен кызматташтыкты калыптандыруу мезгили” (1997-2001-жж.), үчүнчү этабы “ар тараптуу кызматташууну ишке ашыруу” жана “достук чөйрөнүн түзүлгөн мезгили” (2001-жылдан азыркыга чейин);
2. СССР кулагандан кийин, постсоветтик Борбордук Азия мамлекеттери менен Кытайдын мамилеси жаңы деңгээлге көтөрүлдү. ШКУнун түзүлүшү менен Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстан эл аралык терроризмге, баңги заттарынын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө жана диний экстремизмге каршы күрөштө коргоого алынды;
3. Кыргызстан менен Кытайдын жогорку жетекчилигинин позицияларынын ырааттуулугуна карабастан, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол долбоору ниет жана декларация деңгээлинде кала берүүдө;
4. Кыргызстанга КЭРдин "Шанхай рухунун" таасири ШКУнун маданий-гуманитардык кызматташуусу аркылуу кеңейүүдө;
5. Кытай ШКУнун алкагында “кызматташтык жана ынак коңшулук жөнүндө” келишимге таянып, экономикалык өнүгүүнүн максаттарын негизинен өзүнүн батыш аймагында, тактап айтканда, Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунда үч негизги принцип - “дос коңшу, бай коңшу жана тынч коңшу” рухунда ишке ашырат;
6. Россиянын Борбордук Азия жана Кыргызстанга карата “Евразиялык багыт” жана “Евразиялык интеграция” аркылуу жүзөгө ашырылып жаткан тышкы саясаты Кыргызстанга оң таасирин тийгизүүдө, бирок Россия өз позициясын Кыргызстанда чыңдап, бекемдеп алуусуна анын тарыхый, социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалана албай жатышы себеп болууда;
7. Кытай, Россия, АКШ жана Япония сыяктуу өлкөлөрдүн Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстанда жүргүзгөн тышкы саясаты Батыш державаларынын Борбор Азиядагы “Улуу оюнун” элестетет. Бирок глобалдык оюнчулардын учурдагы атаандаштыгы блоктор менен уюмдардын ортосунда жүрүп жатат. Идеологиялык жактан бекемделүүсү үчүн жогоруда аталган мамлекеттер Борбор Азия чөлкөмүндө "жумшак күч" стратегиясын натыйжалуу колдонууда;
8. ШКУнун эл аралык уюм катары ишмердүүлүгүн илимий изилдөөгө алганда азыркы мезгилде Кытай менен Россиянын таасирдүүлүгүн жана уюмга мүчө башка өлкөлөрдүн, анын ичинде Кыргызстандын салыштырмалуу пассивдүү позициясын байкоого болот.

Изилдөөнүн хронологиялык алкагы. Изилдөөнүн мезгилдик чегинин төмөнкү сызыгы 1996-жылы – "Шанхай бешилтиги" түзүлгөн учурдан аныкталган жана ошону менен ШКУнун институтташуу процесси башталган. ШКУну өнүгүшүнүн учурдагы тенденциялары талданып, изилдөөнүн хронологиялык алкагы 2019-жыл менен жыйынтыкталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Сунушталган докторлук диссертация –Ата Мекендик тарыхнаамада Кыргызстан менен ШКУнун кызматташтыгынын тарыхый өнүгүү этаптарын жана өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө алган алгачкы комплекстүү илимий изилдөө болуп саналат. Бул илимий иште ШКУга тиешелүү айрым расмий концепциялар, долбоорлор, архивдик, статистикалык жана аналитикалык булактар жана материалдар, ошондой эле тиешелүү тыянактар Ата Мекен тарыхнаамасында биринчи жолу мамлекеттик тилдеги илимий айлампага киргизилди. Кыргызстандын Кытай жана Россия менен кызматташтыгынын көйгөйлүү жактары белгиленди; чөлкөмдүк интеграцияда Кыргызстан пассивдүү позицияны ээлеген кызматташуусунун багыттары анын себептери жана чөйрөлөрү аныкталды.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин мазмуну жана илимий тыянактары эл аралык (Россия, Кытай, Казакстан, Тажикстан) жана республикалык илимий–практикалык жыйындарда, симпозиумдарда, форумдарда, тегерек үстөл ж.б. илимий форумдарда апробацияланды. Изденүүчү тарабынан ШКУ боюнча атайын дарстар даярдалып, КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын студенттерине, магистранттарына дарстар окулду жана окутулууда. Изденүүчүнүн айрым илимий жоболору ал өзү усулдук-окутуу куралы катары мамлекеттик тилде жарыялаган китепте (2017-ж.) да камтылды.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Илимий иштин негиздери жана жыйынтыктары Кыргызстанда ЖАК сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик рецензияланган журналдарда жана башка илимий жыйнактарда, усулдук китептерде жарыяланган. Илимий иш боюнча жалпы 34 илимий макала жарык көрдү, алардын 15и чет элдик басмаларда чыгарылган, 10 макала РИНЦте катталган басылмаларда, 1 макала “Web of Science” жана “Scopus” индекс системасы камтылган басмаларда жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш 262 беттен туруп, анын мазмуну киришүүнү, беш бапты жана корутундуну камтыйт. Колдонулган тарыхый адабияттардын жана булактардын тизмеси 536 аталыштан жана тиркемеден (карталар, фотосүрөттөр, таблицалар) турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманынын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңычылдыгы, теориялык-практикалык мааниси, коргоого алынып чыгарылган жоболор, изилдөөнүн хронологиялык алкагы, изденүүчүнүн жеке салымы тууралуу маалыматтар берилген.

Биринчи бап **“Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунунун алкагындагы ишмердүүлүгүн изилдөөнүн тарыхнаамасы”** деп аталып, төрт параграфтан турат.

ШКУнун өнүгүү тарыхын изилдөө маселелери бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана чөлкөмдүк саясий жана тарыхнаамалык адабияттарда абдан кызуу

талкууга алынып жатат. Маселен, ШКУга мүчө өлкөлөрдүн жана уюмдун ишмердигин анализдөө үчүн Америка Кошмо Штаттарында (АКШ), Евробиримдикке (ЕБ) кирген өлкөлөрдө, Японияда ж.б. мамлекеттерде ШКУну иликтөө үчүн атайын адистештирилген илимий мекемелер, институттар тынымсыз иштерин жүргүзүп келет. Мындай аналитикалык серепсалуучу изилдөөлөр ШКУга мүчө өлкөлөрдө да тынымсыз жүзөгө ашырылууда.

Илимий иликтөөлөрдүн жүрүшү ШКУнун эл аралык уюм катары жашоосунда жетишилген ийгиликтери менен катар көйгөй жараткан маселелери арбын экендигин белгилешкен. Бул уюмдун мүчөлөрүнүн көбөйүшү (алтыдан сегизге өсүшү), анын мейкиндигинин андан ары кеңейиши, бир чети, бул эл аралык уюмдун абройун ого бетер жогорулатып, экинчи жагынан, анын атаандаштарын да жандантып, ШКУнун ишмердигине сын баа берүүдө, ШКУ тууралуу ар кыл көз караштардын жаралышына өбөлгө түзүүдө.

Бул баптын "**ШКУ жана Борбордук Азия жөнүндө АКШ жана Батыш окумуштууларынын изилдөөлөрү**" деп аталган биринчи параграфында ШКУ жана Борбордук Азия жөнүндө АКШ жана Батыш окумуштууларынын изилдөөлөрүндө каралган. АКШнын Борбордук Азияны изилдөөсү эки чоң этапта жүргөндүгүн айтсак болот. Биринчи этапта, АКШда Борбордук Азияны изилдөө орус таануу менен тыгыз байланышта болгон. XIX к. аягынан XX к. аягына чейинки мезгил. Экинчи этап, 1991-жылдан азыркы күнгө чейинки мезгил: АКШда СССР кулагандан кийин Борбордук Азия республикаларынын тарыхынын бардык алкагын: географиялык жайгашуусу, саясат, экономика, коопсуздук, тышкы саясат ж. б. маселелери боюнча алектенген илимий изилдөө институттар жана борборлор уюшулуп иштей баштаган. Көптөгөн АКШнын жана Батыш өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрү үчүн XX к. аягына чейин Советтик мамлекеттин курамында жашап келген Борбордук Азияны изилдөөгө болгон кызыкчылыгы белгилүү бир деңгээлге жогорулаган.

Белгилүү АКШнын саясатчыларынын, дипломаттарынын, окумуштууларынын эмгектеринде дүйнөлүк тарыхый цивилизациялардын жалпы өнүгүүсүнө анализ берүүсүндө, Борбордук Азияны дүйнөлүк цивилизациянын очогу катарында мүнөздөгөн эмгектер кездешет. Маселен, З.Бжезинский, М.Ларюэль, С.Пейруз, С.Хантингтон, Ф. Фукуяма, Г.Киссинджер, А.Леклерк ж.б. өз изилдөөлөрүндө Борбордук Азиянын өнүгүү тарыхынын жана Кытайдын, Россиянын аймактагы таасиринин ар кыл өңүттөрүн изилдешкен.

XX к. акырынан тартып Батыш окумуштуулары Борбордук Азияны тереңдеп изилдөөлөрүн баштаган. Поляк окумуштууларынын коллективдүү авторлугунда бир нече эмгектер жарык көргөн. Ал эмгектерде Борбордук Азиянын анын ичинде Кыргызстандын трансформация, интеграция жана коопсуздук ж.б. маселелери чагылдырылган. Мындан тышкары диссертациялык изилдөөдө Р. Аллисон, Р. Арон, О.А. Арин, Д. Тренин, Р. Пантуччи, А Петерсен ж.б. у.с. АКШ жана Батыш окумуштууларынын эмгектери Кыргызстандын

ШКУ алкагындагы тарыхый өнүүсүнө салыштырмалуу анализ берүүгө, алардагы аналитикалык ой пикирлер ачык жана акыйкат анализ чыгарууда салым кошту.

Биринчи баптын **“Азия өлкөлөрүндөгү Борбордук Азияны жана ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдөө тарыхнаамасы”** деп аталган экинчи параграфында жогоруда аталган өлкөлөрүнүн ШКУнун жана Борбордук Азиянын тарыхынын ар кыл багытын изилдеген изилдөөлөрү таразаланды.

Экинчи параграфтын алгачкы бөлүмүндө Кытай Эл Республикасынын (КЭР) ШКУнун тарыхы жаатындагы эмгектери талдоого алынды. Кытайлык окумуштууларынын эмгектери диссертацияда төрт топко бөлүп каралды:

1) КЭРдин эл аралык аренадагы орду, тышкы саясатынын негизги концепциялары жана аларды чыңдоо максатында жазылган эмгектер. Бул багытта ондогон Кытай окумуштуу, саясат таанучу тарыхчылары, эл аралык мамиле изилдөөчүлөр тарабынан бир топ көлөмдүү илимий монографиялар жана эмгектер жарык көргөн. Чжан Ювень, Ху Аньгандын ж.б. эмгектеринде Кытайдын эл аралык мамиледеги абалы жана келечеги чагылдырылган.

2) КЭРдин коңшу мамлекеттердин тарыхый, саясий –экономикалык, маданий – гуманитардык ж. б. чөйрөдөгү өнүгүүсү Кытай эксперттик коомчулугунда изилденген. Борбордук Азиянын ичинде Кыргызстандын маселесин иликтөө иши КЭРдин тышкы иштер Министрлиги, Мамлекеттик Кеңеши ж.б. мамлекеттик түзүмдөрү башында турган Кытайдын Коомдук илимдер академиясынын курамына кирген ондогон институттар, борборлор үзгүлтүксүз илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү менен көптөгөн коллективдүү монографияларды, илимий макалаларды жарыялашкан.

3) Кытайда КМШны изилдөө иштерин СССР кулагандан кийин түзүлгөн илимий-академиялык, илимий-аналитикалык борборлор жана институттар жүргүзгүп келишет. Кытай окумуштууларынын бир нече көлөмдүү илимий эмгектеринде Борбордук Азиянын ички (экономикалык, саясий, диндик, энергетикалык, суу ж.б.) абалын жана тышкы державалардын Россия Федерациясынын, КЭРдин, АКШнын саясатын анализдешкен. Кытай изилдөөчүлөрдүн эң башкы кызыкчылыгы – чоң дөөлөттөрдүн Борбордук Азияга карата геосаясий атаандаштыгын ачып берүү маселесине арналган. ШКУнун ишмердигине, коопсуздук маселесине сереп салган Кытай окумуштууларынын, серепчилеринин ж.б. эмгектери Россиядагы “Проблемы Дальнего Востока” ж.б. орус тилиндеги илимий жыйнактарга чыгарылган. Айрыкча Борбордук Азия мамлекеттеринин тарыхый өнүгүүсү тууралуу Кытайдагы Фудан университетинин ШКУну иликтөө борборунун жана Россияны жана Борбордук Азия изилдөө борборунун директору, белгилүү саясат таануучу Чжао Хуашэндин эмгектерин белгилей кетсек болот. Анын изилдөөлөрүндө ШКУга тиешелүү маселелерге арналган чек ара маселесинен баштап коопсуздук, экономика ж. б. жааттагы кызматташтыктарга жакшы анализ берген.

4) КЭРдин учурдагы концептуалык негизин камтыган илимий эмгектер. Аларда расмий Бээжиндин “Гармониялык тынчтык”, “Бир алкак, бир жол” ж.б. стратегиялык концепцияларынын алкагындагы долбоорлорго мүнөздөмө беришкен. Бул долбоорлорду ишке ашырууда коңшу мамлекеттерге, анын ичинде Борбордук Азия өлкөлөрүнө болгон мамилесинде биргелешип өнүгүүнүн, өз ара ишеним, бардык тарапка тең пайда, ынак коңшулук ж.б. принциптерге таянаарына басым жасашкан.

Көпчүлүк Кытай илимпоздордун эмгектеринде Кытай Компартиясынын жетекчи ролун баса белгилөө сыяктуу көрүнүштөр байкалат. Мындай мамиле пост-советтик өлкөлөрдү жана башка тарыхнаамалык мектептерде байкалбайт.

Индия, Иран, Япония жана Түркия өлкөлөрүндө Борбордук Азияны изилдөөсү СССР кулагандан кийин башталган. Индия, Иран мамлекеттери ШКУда байкоочу макамын алуусу абдан жигердүү иликтөөлөргө жол ачкан. Ал эми Түркия ШКУга сүйлөшүү боюнча шериктеш.

Азыркы тапта Индия ШКУнун мүчө өлкөсү катары таанылган. Индиялык изилдөөчүлөр, биринчи кезекте, Борбордук Азиядагы проблемалардын ичинен ислам маселесине өзгөчө маани беришкен. Экинчи кезекте, ШКУнун ишмердигиндеги коопсуздук маселесин иликтөөгө алышкан. Алар А. Моханти, Н. Джоши, К. Варико, С. Чаттерджи, А. Сенгупту, С. Гопал ж.б.

Иран окумуштуулары чөлкөмдөгү АКШнын таасирдүүлүгүн оздуктоо жана Борбордук Азиянын Россия, Кытай сыяктанган мамлекеттердин саясатынын таасирдүүлүгүнөн тышкары болуусуна көңүл бөлүшкөн. Ал эми С.Мехди, М. Санаи, М.Рахмани ж.б.эмгектеринде Ирандын Борбордук Азия менен болгон кызматташтыгынын мүнөзүнө анализ беришкен.

Борбордук Азияны талдоого алган япон окумуштуулары бул чөлкөмдө ири цивилизация келип чыккандыгын жана “Борбор” саясатын таңуулаган мамлекеттер кирбейт деп белгилешкен. 1997-жылы Япония Борбордук Азияга карата “Евразия дипломатиясы” деген доктринаны калыптандырып ишке ашырууну көздөгөн. Бирок, бул концепция чөлкөмдө активдүү болуу жөндөмдүүлүгүн арттыра алган эмес. Ушундан кийин Япония тарабынан Борбордук Азияга карата «япониялык долбоор» башталган, XXI к. башында Борбордук Азияны изилдөө ушул долбоордун алкагында ишке ашкан. Долбоор алкагында бир нече илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, Япон изилдөөчүлөрү У.Томохико менен Х.Тецуянын редакторлугунда «Японская дипломатия на Шелковом пути» деген эмгеги жарык көргөн. Эмгекте азыркы кездеги Борбордук Азия менен Япониянын тарыхый байланыштары ж.б. маселелери чагылдырылган. Ал эми ШКУнун ишмердүүлүгү И. Ахихиро эмгегинде анализ берилген.

Түркия постсоветтик Борбордук Азия республикалардын биринчилерден болуп эгемендүүлүгүн тааныган. Борбордук Азия жана Кыргызстандын эгемендүү мезгилиндеги өнүгүүсүн изилдеген түрк окумуштууларынын бир нече эмгектери бар.

Индия, Иран, Япония жана Түркия изилдөөлөрү өз мамлекеттеринин кызыкчылыгы үчүн ШКУга мүчө өлкөлөр менен кызматташтыктын маанисин ачып берүүгө умтулушкан.

Биринчи баптын “**Россия Федерациясында ШКУ жана Борбордук Азия тууралуу изилдөөлөрү**” деп аталган үчүнчү параграфында Россия Федерациясынын окумуштууларынын ШКУ тарыхы тууралуу эмгектери талдоого алынды. Россиялыктардын илимий эмгектери негизинен үч топко бөлүп каралды:

Биринчи топко – падышалык Россия мезгилиндеги орус-кытай жана Совет доорундагы совет-кытай чек ара проблемалары, Кытайдын Борбордук Азиядагы кызыкчылыктары, таасири жана алган орду изилдөөгө алынган илимий эмгектер киргизилди. Алсак, Б. П. Гуревич, В. С. Кузнецов, Ю. М. Галенович, А. Д. Воскресенский, В. А. Моисеев, В. Л. Ларин ж. б. эмгектерине сереп салынды. Негизинен изилдөөлөрдө орус–кытай чек ара маселелеринде Борбордук Азия жана анын ичинде Кыргызстанга тиешелүү болгон аймактар Орус падышачылыгынын басып алган оторчул аймагы катары, ал эми 1917–1991-жылдар үчүн – СССРдин курамындагы аймак катары каралат.

Экинчи топко Кытай менен Россиянын Борбордук Азиядагы саясаты, ички саясий-экономикалык, социалдык-маданий өнүгүүсүнүн маселелери жана чөлкөмдүн коопсуздугу жөнүндөгү ири монографиялар жана макалалар киргизилген. Алсак, Д. Б. Малышева, Г. И. Чуфрин, И. Д. Звягельская, А. Г. Осипов, Ю. В. Чудодеев, А. А. Казанцев, С. Г. Лузянин, А. В. Лукин, Н. В. Серебрякова, Е. В. Савкович ж. б. өз изилдөөлөрүндө Россия Федерациясынын ШКУ алкагындагы карым-катнаштарынын ар кыл өңүттөрүн изилдешкен. Маселен, эл аралык мамилелерди изилдөө боюнча Москва мамлекеттик институтунун Борбордук Азия жана Ооганстан көйгөйлөрүн изилдөө борборунун директору, саясий илимдер доктору А. А. Казанцев Борбордук Азия чөлкөмүндө өз таасирин чыңдоо жаатында, бир жагынан, Батыш өлкөлөрүнүн, экинчи жагынан – Россия менен Кытайдын тымызын атаандаштыгынын факторун белгилейт. Академик М. Л.Титаренко болсо өз эмгектеринде Россия менен Кытай азыркы тапта биргелешкен кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн өз ара кызматташтыктын жагымдуу шартын түзүп жаткандыгын, аларга тарыхый жактан чектеш аймактарга тиешелүү ар кандай пландарды турмушка ашырууда бири-бирин түшүнүү далаалаты тереңдегендигине өзгөчө баа берген.

Ошол эле учурда, Россиянын изилдөөчүлөрү ШКУ аркылуу жүргүзүлгөн Кытайдын Борбордук Азиядагы күчтүү таасирин Батыш өлкөлөрү, АКШ жана башка мамлекеттер өзүлөрүнүн үстөмдүгүн калыбына келтирүүдө жана алардын региондогу кызыкчылыктары менен таасирин чектөөдө олуттуу тоскоолдук деп эсептешет. Бир катар Россиялык окумуштуулар ШКУну түзүү демилгеси Кытай тараптын кызыкчылыгында болгонун баса белгилешет.

Үчүнчү топко — ШКУнун тарыхый өнүгүү эволюциясын жана ага мүчө болгон Борбордук Азия мамлекеттери анын ичинде Кыргызстандын өнүгүүсүн

чагылдырган монографиялар жана макалалар кирди. Л.Е. Васильев, И.Н.Комиссина, А.А. Куртов, М. Арунова, Е.А. Бородин, ж.б. эмгектеринде ШКУнун ишмердигин өнүктүрүүдө Кытай жана Россия ж.б. тараптар Борбордук Азияда жайгашкан кичинекей мамлекеттердин саясий-экономикалык, социалдык ж.б. өнүгүүсүн, айрыкча коопсуздук маселесин камсыздоого аргасыз жана кызыктар экендиги чагылдырылган. Орус окумуштуулары ШКУнун өнүгүүсү "төрт ара байланыш" концепциясынын алкагында өнүгүп жаткандыгына токтолушкан.

Биринчи баптын **"ШКУга мүчө болгон Борбордук Азия республикаларында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр"** деп аталган төртүнчү параграфында Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү жана Кыргызстандагы ШКУнун тарыхый өнүттөрүн изилдеген илимпоздордун эмгектерине сереп салынды.

ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдөө жаатында Борбордук Азия республикаларынын ичинен Казакстандын окумуштууларынын, саясат таануучу, эл аралык мамилени изилдеген серепчилеринин эмгектери арбын. Алардын көпчүлүгү алгылыктуу жана жүйөөлүү пикирлери менен айырмаланат: М.Т.Лаумулин, К.Л.Сыроежкин, С.К.Кушкумбаев, У.Т.Касенов, ж.б. өз эмгектеринде Борбордук Азия республикалары (анын ичинде Казакстан) менен Кытайдын азыркы мезгилдеги мамилелерин изилдешип, ШКУнун ишмердигин өзгөчө таразалашкан.

Өзбекстанда ШКУ алкагындагы ишмердүүлүктү, коопсуздук, саясат, экономика ж.б. маселелерин изилдеген жоон топ окумуштуулардын мектеби калыптанган. Алар, белгилүү өзбек окумуштуулары жана иликтөөчүлөрү А.Х.Ходжаев, В.В.Парамонов, А.Строков, Ф.Толипов ж.б. эмгектери көңүлгө алаарлык.

Ал эми Тажикстан окумуштуулары Тажикстандын тышкы саясий өнүгүүсүн, Кытай жана Россия менен болгон ар кандай жааттагы эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштарын, коңшу жана чет мамлекеттер менен болгон кызматташуусун изилдөөгө алган. Алар Р.Алимов, Х.Холикназаров, Х. Зарифи, Д. Бобоев ж.б. окумуштууларынын монографиялары жарык көргөн.

Ушул эле параграфта ШКУнун тарыхына жана ага чейинки тарыхый башаттарга байланыштуу Ата Мекендик тарыхнаамабыздагы эмгектер талдоого алынды. Эгемендик доорундагы Кыргыз Республикасынын ички жана тышкы саясий турмушунун тарыхындагы маанилүү окуяларды ар кыл өнүттө чагылдырган кыргыз окумуштууларынын, серепчилердин, саясат таануучулардын, илимий эмгектери арбын. Эгемендик мезгилиндеги Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсүн изилдеген синолог, тарых илимдеринин кандидаты М.С.Иманалиев (ал 2010-жылдын 1-январынан — 2012-жылдын 31-декабрына чейинки аралыкта ШКУнун Башкы катчысы кызматын аркалаган кыргызстандык мамлекеттик ишмер, Кыргызстандын мурдагы тышкы иштер министри болгон), ШКУнун Кыргызстан менен кызматташтыгын терендетүүгө чоң салым кошкон саясий ишмер болуп саналат.

Окумуштуу саясат таануучулар - А. Д. Жекшенкулов, К. Айдаркул, А. М. Кылычев, Н. М. А. Акунов, Омаров, А. С. Ормушев, К. Токтомушев ж. б. эмгектеринде Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсүнүн маанилүү маселелери иликтенген. Алар эгемен мезгилдеги Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылуу тарыхына токтолушкан. Ошону менен катар эгемендүү мезгилдеги Кыргызстандын, Кытай, Россия, АКШ ж.б. мамлекеттер менен эки тараптуу байланыштарын изилдеген жергиликтүү окумуштуулардын эмгектери бар. Алар А. Верещагин, Алина Муса кызы, А. Бейшеналиев ж. б. эмгектеринде Кыргызстандын Кытай, Россия, АКШ жана башка мамлекеттер менен көз карандысыздык учурундагы эки тараптуу мамилелеринин маселелери каралган.

Ошондой эле, диссертациялык иште 2012-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратынын алдындагы Мурас фондусу тарабынан өткөрүлгөн илимий конференциялардын, форумдардын, тегерек столдордун материалдары колдонулду.

Кыскача корутундуласак, ШКУнун тарыхы жана Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен өз ара пайдалуу кызматташтыкты өөрчүтүп жатышы тууралуу илимий изилдөөлөр заманбап тарыхнааманын чет өлкөлүк илимий мектептеринде да, Кыргызстандын өзүндөгү илимий чөйрөлөрдө да улам жигердүү жүзөгө ашырылууда. Аларга сереп салбастан туруп ШКУнун тарыхын бейтарап жана калыс иликтөөгө мүмкүн эмес.

Ал эми экинчи бап **“Кыргызстан менен ШКУнун өнүгүүсүн изилдөөнүн объектиси, предмети, булактык базасы жана изилдөө ыкмалары”** деп аталып, үч параграфтан турду**.**

Бул баптын “**Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы өнүгүүсүн изилдөөнүн объектиси жана предмети**” деп аталган биринчи параграфында диссертациялык иштин объектиси — Евразиядагы ири эл аралык уюм болгон ШКУ жана аны уюштуруучулардын бири катары саналган Кыргызстан экендиги көрсөтүлдү.

Кыргызстандын катышуусунда ШКУнун түзүлүшү жана тарыхый өнүгүүсү биздин пикирибизде төмөндөгүдөй эволюциялык алкакта ишке ашкан: Биринчи этапта – 1996-жылы “Шанхай бештиги” аталыштагы мамлекеттер аралык түзүм катары таанылган; Экинчи этапта – 2000-жылы Өзбекстандын байкоочу макамын алышы менен “Шанхай бештиги” форумуна айланган; Үчүнчү этапта – 2001-жылы 14-июнда Өзбекстандын бул форумга мүчө катары кабыл алынышы менен Шанхай кызматташтык уюму деген жаңы аталыштагы чөлкөмдүк уюм негизделип, андан ары өнүгө баштаган; Төртүнчү этапта – 2017-жылы Индия жана Пакистандын толук кандуу мүчө болушу менен ШКУ Евразиядагы эң ири эл аралык мамлекеттер аралык уюмга айланды.

ШКУ эл аралык институт катарында үч категорияга ээ. Биринчи, расмий түрдө ШКУга мүчө болуп кирген өлкөлөр: Кытай, Россия, Казакстан, Кыргызстан,Тажикстан, Өзбекстан, Индия жана Пакистан.

Экинчи, байкоочу өлкөлөр макамына 2004-жылы Монголия, 2005-жылы Иран, 2012-жылы Ооганстан, 2017-жылы Беларуссия мамлекеттери таанылган.

Үчүнчү, сүйлөшүү боюнча шериктеш макамы: 2009-жылы Шри-Ланка, 2012-жылы Түркия, Азербайжан, Армения, Камбоджа королдугуна берилген.

ШКУга байкоочу мамлекет катары кирүү демилгесин көрсөткөн өлкөлөр: Бангладеш, Сирия, Египет, Израиль, Мальдивы, Украина, Ирак, Вьетнам, Бахрейн, Катар мамлекеттери бар.

ШКУга мүчө катары БАнын төрт мамлекети таанылган, алардын ичинен Кыргыз Республикасы Борбордук Азияда жайгашкан чакан өлкө. Өзүнүн географиялык жайгашуусу, саясий, социалдык-экономикалык, демографиялык, маданий ж.б. өнүгүүсү менен айырмаланат: Кыргызстандын географиялык жайгашуусу - Борбордук Евразиянын калкынын 9%, жер шаарындагы калктын 0,08% түзөт. Ал эми территориясы боюнча Борбордук Евразиянын 5%, жер шаарынын 0,1478% ээ.

Ал эми диссертациялык иштин **предмети** —ШКУнун тарыхый өнүгүү этаптарына талдоо жүргүзүү менен уюмдун алкагындагы Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыгын изилдөө. Ошону менен кошо Кыргызстандын, Кытай жана Россия Федерациясы сыяктуу ШКУнун негизги мүчө өлкөлөрү менен карым-катнаштарынын мүнөзүн айкындоо болду.

Экинчи баптын **“Кыргызстандын ШКУдагы тарыхый өнүгүү этаптарын изилдөөнүн булактары”** деп аталган экинчи параграфы булак таануу маселелерин иликтөөгө арналды, алынган маалыматтардын көпчүлүгү биринчи жолу илимий айланпага киргизилди.

Диссертациялык иште коюлган максаттарга жана милдеттерге жетүү үчүн тарыхый булактар талдоого алынып төрт топко бөлүнгөн.

**Биринчи топтогу** булактарга Кыргызстандын жана ШКУнун расмий укуктук–ченемдик документтери:

- Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн бекемдеген Декларациясы, тышкы саясий концепциясы ж.б. Ошону менен катар Кыргыз Республикасы менен Кытай Элдик Республиканын (мамлекеттер жана өкмөттөр) ортосунда кол коюлган эки тараптуу документтери каралды. Мындан тышкары Кыргыз Республикасы ШКУнун толук кандуу мүчөсү катары таанылгандан кийин уюмдун мүчөлөрү кабыл алган Декларациялар, конвенциялар ж.б. республиканын Жогорку Кеңеши аркылуу ратификацияланган мыйзамдары да иштин булактык базасын толуктады. Бул документтер Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы коопсуздук, экономикалык, маданий-гуманитардык кызматташтыгын ж.б. чөйрөдөгү иш аракетин толук ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди. Мындан тышкары 2019-жылы Кыргызстандын ШКУда төрагалык милдетин аткарышында иш чаралардагы расмий документтер, эки өлкө ортосундагы макулдашылып кол коюлган келишимдер булактык базага киргизилди.

- ШКУнун уюштуруу документтери: 2002-жылы 7-июнда Санкт-Петербург шаарында ШКУнун алты мүчөсү катышкан саммиттин жыйынтыгында уюмдун ишмердигин багыттоочу документтер кабыл алынган: Саммитте ШКУнун Хартиясы кабыл алынып, бул документте уюмга мүчө мамлекеттердин максат милдеттери чечмеленип берилген. Хартияга ылайык уюмга мүчө мамлекеттердин негизги принциптери жактырылган; Чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүм жөнүндө макулдашуу (ЧТКТ) кабыл алынган. ЧТКТ 21 беренеден туруп, чөлкөмдөгү коопсуздук маселесин камсыздоо негизги милдеттерден болуп саналган.
- ШКУнун мүчө мамлекеттеринин башчыларынын ар жылда өткөрүлгөн Декларациялары, конвенциялары ж.б. документтер иштин маани маңызын, укуктук – ченемдик макамын ачып көрсөтүүдө баалуу булак катары кызмат кылды;
- ШКУга мүчө мамлекеттердин эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдери Борбордук Азия чөлкөмүндөгү коопсуздук саясатынын өзгөчөлүгүн ачып кароого жардам берди.

Диссертацияда колдонулган укуктук ченемдик документтерди ШКУнун расмий сайтынан, Кыргыз Республикасынын, Казакстандын, Тажикстандын электрондук сайттарынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинен алынды. Жогорудагы булактар ШКУнун расмий документтери жана мамлекеттер ортосундагы кызматташтык тууралуу келишимдер илимий ишти ачып берүүгө негиз салган булак катары илимий айлампага киргизилди, ошону менен катар андагы камтылган маалыматтар Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы кызматташтыгын кеңири чагылдырууда жетишсиз болгондуктан Кыргыз Республикасынын бул уюмдун алкагындагы өнүгүүсүн далилдеген башка булактарды талдоого түрткү берди.

**Экинчи топтогу** булактар: ШКУга мүчө мамлекеттердин расмий жетекчилигинин өкүлдөрүнүн кайрылуулары, сөздөрү, билдирүүлөрү, маектешүүлөрү (сүйлөшүүлөрү) кирет. Кошумча булак катары (контент-талдоо) мамлекет башчыларынын, саясий жана коомдук ишмерлердин, элчилердин, министрлердин, эл аралык уюмдардын кызматкерлеринин ШКУнун ишмердүүлүгү боюнча расмий билдирүүлөрү талдоого алынды.

**Үчүнчү топтун** булактары тиешелүү архивдик документтерден жана статистикалык-маалымдамалык басылмалардан турат. Диссертациялык изилдөөдө Кыргызстандын Улуттук статистикалык комитетинин жаңыланган материалдары кеңири колдонулган. Бул булактар ШКУга мүчө мамлекеттердин саясий, экономикалык, гуманитардык-маданий мамилелерин, алардын коопсуздук, экология жаатындагы кызматташтыгын ачууга, кыргыз тараптын кызыкчылыктарын эске алуу менен андагы кемчиликтерди талдоого мүмкүндүк берди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин архивдик фондусундагы буга чейин кездешпеген материалдарды жана маалыматтарды тарых наамалык жана тарыхый булактык база катарында каралды. Бул архивдин материалдары түзүлгөн индекске ылайык 3 топко бөлүнөт.

*Биринчи топко:*

- 1- фонд, 1- тизме (опись) 17-1 индекси бир нече томдон турат – Кыргыз Республикасынын эл аралык байланыштар боюнча аналитикалык жана эксперттик материалдар жана Тышкы иштер министрлиги (ТИМ) аркылуу чет мамлекеттерге жөнөтүлгөн жана алардан келген расмий билдирүүлөр, жооптор, кат алышуулар боюнча топтолгон материалдар берилген;
- 1- фонд, 1- тизме, 17-3 индексинде – Кыргызстанга келген чет элдик мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын башчыларынын расмий жолугушуулары (визит) тууралуу материалдар камтылган;
- аталган фонддун 17-4) индексинде – Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн тышкы саясий байланыштарды ишке ашырууну көзөмөлдөө боюнча материалдар тиркелген;
- аталган фонддун 17-11 индексинде – экономикалык байланыштар маселеси боюнча маалыматтар берилген;
- аталган фонддун 17-12 индексинде – социалдык–маданий байланыштар маселеси боюнча маалыматтар берилген;
- аталган фонддун 17-13 индексинде – Кыргыз Республикасынын КМШ жана чет мамлекеттер менен түзүлгөн келишим, макулдашуулары камтылган.

*Экинчи топто* – 2008–2010-жылдар аралыгында Жааматтык коопсуздук келишим уюмунун (ЖККУ) жана ШКУга арналган жаңы индекс киргизилген.

- 1-фонд, 1- тизме 6148-номеринин 03-6 индекс боюнча – ЖККУ жана ШКУнун (программалары, каттары, пландары ж.б.) ишмердүүлүгүн чагылдырган материалдар бериле баштаган;
- аталган фонддун 6366- номеринин 03 индекс боюнча – Кыргыз Республикасынын коопсуздук советинин катчылыгынын маалыматтары кошулган.

*Үчүнчү топко* – 2010-2015-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын тышкы саясий ж.б. байланыштары боюнча материалдар кирди. Белгилей кетүүчү нерсе 2010-ж. баштап Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинде тышкы саясий байланыштар 17 индекс менен берилбей 14 индексине өзгөрүлгөн.

- 1-фонд, 1- тизмесинин (14-6) индексинде ШКУ, ЖККУ сыяктанган эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү, ал уюмдардын жетекчилигинин расмий иш сапарлары тууралуу маалыматтар, ТИМдин маалымат берүүсү, Кытайдагы элчиликтин билдирүүлөрү, ШКУнун Кыргызстандагы ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн маалыматтары камтылган.

Жогорудагы архивдик булактардан тышкары Кыргызстандын айрым министрликтердин эл аралык байланыш жана тышкы саясат өңүтүндөгү маалыматтары булак катары маанилүү. Алсак, Экономика министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо агенттигинин аналитикалык маалыматы боюнча Кыргызстан менен Кытайдын инвестициялык кызматташтыгынын (2012—2018-жж.) динамикасына сереп салынды. Кыргыз Республикасынын Илим жана билим берүү министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик миграция кызматынын, Мамлекеттик каттоо кызматынын маалыматтары ж.б. орчундуу булактардын катарын толуктады.

**Төртүнчү топтогу** булактарга массалык маалымат каражаттарында жарыяланган жана ШКУнун ишмердиги чагылдырылган оперативдүү материалдар кирди. Диссертациялык иште мезгилдик басма сөз материалдарында дүйнөлүк маалыматтык чөйрөнүн абройлуу журналдарда: «Центральная Азия и Кавказ», «Россия в глобальной политике», «Международные организации», «Международная жизнь», «International affairs», «Foreign affairs», жана «Интерфакс», «Женьминь Жибао», «Синьхуа», «Синьцзян жибао» ж.б. аналитикалык–маалымат баракчаларында жарыяланган маалыматтар илимий иштин булактык базасын жана хронологиялык ордун тактоого көмөкчү болду.

Ошону менен катар илимий иштин алкагында изденүүчү ШКУга мүчө өлкөлөрдө илимий иш сапарынын (Казакстан, Тажикстан, Россия) мезгилинде алынган материалдары иште кеңири пайдаланылды. Айрыкча, Россия Федерациясынын Дипломатиялык Академиясы, Россия Федерациясынын Ыраакы Чыгыш институту, ШКУнун Университеттерине кирген кээ бир окуу жайлардын сайттарында уюмдун ишмердүүлүгүн чагылдырган.

Бирок, колдонулган булактардын баалуулугуна так баа берүүдө бир кыйла кыйынчылыктар туулду. Аларга сын көз менен кароо муктаждыгы бардык учурда сезилет, анткени ШКУга кирген мүчө өлкөлөрдүн расмий бийликтеринин идеологиялык багыттары бул булактарга өз таасирин тийгизбей койгон жок.

Маселен, жергиликтүү басма сөз материалдарынын катарында Кытай тарап каржылап чыгарылган “Жибек Жолу. Маданий өнүгүү” (орусча: “Шелковый путь. Культурное развитие”) гезитинде басылып чыккан маалыматтар көбүнесе Кытайдын долбоорлорун баяндоо жана алар тууралуу үгүт кылуу менен чектелет.

Россия менен Кытайдын гезит-журналдарынын, аналитикалык борборлорунун жана кабар агенттиктеринин сайттары, ШКУга кирген жана сырткаркы өнөктөш болгон тараптардын электрондук сайттарындагы бай материалдар, айрым дипломатиялык академиялардын же башка илимий мекемелердин электрондук китепканалары, интернеттеги материалдар

диссертациялык иштин негизги өзөгүн чагылдырууга зарыл болгон олуттуу санариптик жана мултимедиалык маалыматтарды камтышат.

Жыйынтыгында, тарыхый булактар салттык (архивдерде, китепканаларда ж.б. кагаз бетинде сакталган, мезгилдүү басма сөздө, расмий басылмаларда жарык көргөн, ж.у.с.) материалдардан жана жаңыча санариптик (текст) материалдардан туруп, алардын бардыгы ШКУнун тарыхын ар тараптуу изилдөөгө, сунушталган диссертациялык иштин алдына коюлган максат, милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн жетишерлик даректүү маалымат топтоого орчундуу булактык кызмат кылат.

Экинчи баптын **“ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдөөнүн илимий ыкмалары”** деп аталган үчүнчү параграфында изилдөөнүн коюлган максатына жетүүгө, ар бир бап боюнча натыйжалуу тыянактарды алууга жана корутундуулоого айрым гуманитардык илимдерде колдонулуучу методология усулу колдонулду.

Изилдөөнүн методологиялык негизин А. Д. Богатуровдун жана А. Д. Воскресенскийдин эл аралык мамилелердин тарыхынын теориялык жана салыштырма изилдөөлөрүндө келтирилген көп факторлуу тең салмактуулук концепциясы түзөт. Көп факторлуу тең салмактуулуктун концепциясы, эл аралык система көз карандысыз саясий бирдиктерден, тактап айтканда, улуттук мамлекеттерден турат. Бул система тартипсиз тең салмактуулукта, бирок жогорку саясий бийлик жана бийлик боло турган көзөмөлдөөчү саясий орган (дүйнөлүк өкмөт) жок деген мааниде гана. Демек, мамлекеттер, эреже катары, аймактык жана ааламдык чакырыктарды чечүү үчүн конструктивдүү диалог түзүп, өз ара тең салмактуулукту сакташат.

Ушул теориянын алкагында ШКУнун ичиндеги мамлекеттер аралык мамилелердин динамикасын талдоо изденүүчү тарабынан ШКУга мүчө мамлекеттердин Борбордук Азия чөлкөмүндөгү кызыкчылыктардын тең салмактуулугун көп факторлуу көз караштан издөө катары каралат. Мындай мамиле саясий, экономикалык жана коопсуздук көйгөйлөрүн карап чыгууга гана мүмкүнчүлүк бербестен, маданият фактору, психологиялык жана тарыхый мүнөздөмөлөр сыяктуу өз ара аракеттенүүнүн жаңы факторлорунун байланышын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Тарыхый изилдөө методдору — тарыхый салыштырма усул, тарыхый–диахрондук, тарыхый–системалык, тарыхый-типологиялык ыкма, — ШКУнун жаралуу тарыхын жана өнүгүү баскычтарын изилдөөдө баштан аяк анализ берүүдө олуттуу көмөк түздү. Ошону менен катар Кыргызстандын ШКУга мүчө катары таанылуусунан баштап азыркы мезгилдеги тарыхына чейин сереп салуу жогоруда саналган усулдардын жыйындысы аркылуу ишке ашты.

Эл аралык уюмдардын ишмердигин иликтөө ыкмасы жана укуктук-нормативдик изилдөө усулу өз ара айкалышып колдонулду; андан сырткары эл аралык мамилелерди изилдөөнүн заманбап ыкмалары ШКУнун эл аралык институт катары мүнөзүнө сереп салууга зарыл болду. ШКУга мүчө-

мамлекеттердин көп тараптуу жана эки тараптуу алакаларын, Борбордук Азия чөлкөмүндөгү дипломатиялык кырдаалды, Кыргызстандын, Кытай, Россия ж.б. өнөктөш өлкөлөр менен карым-катнашын изилдөөдө жана тиешелүү корутунду чыгарууда жогорудагы усулдардын ролу чоң болду.

Диссертациянын үчүнчү бабы **“Шанхай кызматташтык уюмунун түзүлүшү жана Кытайдын Борбордук Азияга карата стратегиясы”** деп аталат.

Үчүнчү баптын **“Кытайдын Борбордук Азияга карата стратегиясы, ШКУнун түзүлүшүнүн тарыхый өбөлгөлөрү жана өзгөчөлүктөрү”** деп аталган биринчи параграфында Дэн Сяопиндин реформаларын жетекчиликке алган Кытайдын 1990-жылдардан башталган Борбордук Азияга анын ичинде Кыргызстанга болгон стратегиясы талданган. Диссертацияда белгиленген факторлордун (геосаясий, геоэкономикалык, геостратегиялык, транзиттик, демографиялык жана коопсуздук) маани-маңызы Кыргызстан үчүн гана эмес, жалпы Евразия үчүн да олуттуу.

ШКУнун чөлкөмдөгү коопсуздуктун кепилдиги (гаранты) катары жаралуусунун өзгөчөлүктөрүн карай кетсек: Биринчиден, ШКУнун географиялык мейкиндиги – Чыгыш Европадан – Борбордук Азия аркылуу – Түштүк жана Чыгыш Азияга чейинки кең мейкиндик. Бул – Евразиянын өтө ири бөлүгү жана калк саны жагынан да башка аймактар теңдеше албай турган ири чөлкөм.

Экинчиден, ШКУнун мейкиндиги геосаясий, геоэкономикалык кең аймагы, өтө бай жаратылыш ресурстары, көп тарамдуу эл аралык транзиттик деңгээли жагынан башка дүйнөлүк жана континенттер аралык түзүмдөрдөн өзгөчөлөнөт.

Үчүнчүдөн, ШКУнун мейкиндигинде тарыхый-цивилизациялык, улуттук, диндик, тилдик, маданий өнүгүүсү боюнча бири-бирине эч окшобогон мамлекеттер да камтылган. Россия жана Борбордук Азия мамлекеттери бир кезде (1917—1991-жж.) СССРдин курамында чогуу жашаганы менен алардын мурдагы жана постсоветтик доордогу тарыхый-цивилизациялык өнүгүүсү таптакыр бирдей эмес. Ал эми Индия жана Пакистан XX к. ортосунда гана эгемендүүлүккө жеткен, британдык оторчулук маалында дээрлик бирдей тагдырга ээ болгон мамлекеттер.

Төртүнчүдөн, ШКУ – Россия, Кытай, Борбордук Азия өлкөлөрүн жана Индия менен Пакистанды бириктирген жападан жалгыз чөлкөмдүк уюм. Эми Белорусь, Монголия, Иран жана Ооганстан да бул уюмга байкоочу катары катышууда. Уюмга Кытайдын негиздөөчүлөрдүн бири катары кириши абдан маанилүү. Анткени бул тез өнүгүп жаткан мамлекет ШКУнун ишмердүүлүгүнүн ички жана тышкы өнүгүүсүн, стратегиялык багыттарын аныктоодо кубаттуу таасирге ээ.

Бешинчиден, ШКУ Евразия мейкиндигинде ар кыл идеологиялык багыттарды (маселен, кайнаса каны кошулбастай болгон капитализм менен

социализмди) бири-бирине айкалыштырган уникалдуу кызматташтык түрү болуп калды. Мында социалисттик Кытайдын өзү деле Гонконг аймагында капиталисттик системаны сактоого уруксат кылган “бир мамлекет — эки система” деген Дэн Сяопиндин доктринасын белгилей кетелик. Индия — салттык либералдык жеке менчик экономикасы менен айырмаланат. КМШнын ШКУга мүчө өлкөлөрү болсо базар экономикасына карай ар кыл деңгээлде багыт алышкан.

Алтынчыдан, ШКУ дүйнөдүгү белгилүү эл аралык уюмдарга (ЕБ, НАТО, БРИКС, ЖККУ ж.б.) салыштырганда – жайгашкан территориясы, калкынын саны, ички дүң азыктын өсүшү (ВВП) тилдик, диндик ж.б. цивилизациялык өнүгүүсү менен да өзгөчөлөнөт десек болот.

Анын **«Кыргыз Республикасынын эл аралык институттардагы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары»** деп аталган экинчи параграфында СССР кулап, мамлекеттик көз карандысыздыкка биротоло жетишкен Кыргызстандын көп багыттуу (көп векторлуу) дипломатиялык саясатты жүзөгө ашыруусуна сереп салынды.

Борбордук Азия мамлекеттери сыяктуу эле Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардын институттук мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануусу 1991-жылдын соңунда СССР тутумунун биротоло чачыроосу менен башталган. Постсоветтик Кыргызстандын эл аралык уюмдарга мүчө болуусундагы негизги багыттарды аныктоочу теориялык концепциялар “көп багыттуу дипломатия”, “ынак коңшулук” (алыскы туугандан жакынкы коңшу артык”), “маселелерди тынч жол менен чечүү” сыяктуу принциптерге негизделген.

Кыргызстандын эл аралык уюмдарга катышуусунда чөлкөмдүн геосаясий, геоэкономикалык жана геомаданий өзгөчөлүктөрү да эске алынат. Кыргыз Республикасы 20дан ашуун дүйнөлүк жана чөлкөмдүк эл аралык институттарга мүчө болуп саналат. Анын дүйнөлүк жана чөлкөмдөр аралык мамлекеттик уюмдарга мүчө катары кириши беш багыттуу (векторлуу) жүзөгө ашырылып жататкандыгын айрым эл аралык мамилени изилдөөчү окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен чагылдырылган.

Биринчи багыт —Кыргызстан эгемен мамлекет катары БУУ (жана анын ЮНЕСКО сыяктуу тармактары), Дүйнөлүк Соода Уюму (ДСУ), Эл аралык Валюта Фонду (ЭВФ) ж.б. дүйнөлүк уюмдар менен мүчөлүк жана өнөктөштүк кызматташтык багыты.

Экинчи багыт — Евразия менен Түндүк Американы байланыштырган багыт. Кыргызстанда ЕККУ (ОБСЕ), НАТОнун «Тынчтык үчүн өнөктөштүк» программасы, ЕБ долбоорлору («Евробиримдик тарабынан Борбордук Азия чөлкөмүнүн өнүгүүсүн колдоо» жана «Борбордук Азия адам укуктары жана демократияны өнүктүрүү боюнча европалык демилге” ж.б. долбоорлор, программалар) ишке ашууда.

Үчүнчү багыт – “орус багыты” КМШ, ЖККУ, ЕврАзЭБ, ЕАЭС сыяктуу институттар, постсоветтик Евразиялык багыт десе да болот.

Төртүнчү багыт – Чыгыш жана Түштүк Азия багыты, тактап айтканда "Кытай багыты" деп атаса да болот. Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын коопсуздук ж.б. жаатындагы кызматташтыкта КЭРдин таасири ШКУнун ишмердүүлүгү аркылуу натыйжалуураак жүзөгө ашып жатканын адистер белгилеп келишет. Бирок Ыраакы Чыгыш жалаң гана чектеш КЭРди туюнтпайт. Кыргызстан Япония жана Түштүк Корея менен да өз ара пайдалуу кызматташтыкты калыптандырууда. Ал эми Түштүк Азияга келсек, албетте, биринчи кезекте Кыргызстандын Индия менен жүргүзө баштаган карым-катнашы кирет.

Бешинчи багыт – "ислам дүйнөсү" деп аталган мусулман мамлекеттери менен Кыргызстандын карым-катнашынын багыты. Бул багытта Түркия өлкөсү, андан тышкары араб мамлекеттери, Иран, Ооганстан, Пакистан, Малайзия сыяктуу өлкөлөр менен кызматташтык постсоветтик Кыргызстандын эгемен мамлекет катары эл аралык байланыштарынын өзгөчө багыты болуп калды. Кыргызстан бул жана башка мусулман мамлекеттердин көпчүлүгүнүн каржылоосу менен уюшулган айрым эл аралык уюмдарга (Экономикалык кызматташтык уюму, Исламдык конференция уюму ж.б.) мүчө болуу менен эл аралык карым-катнаштардагы жаңы мүмкүнчүлүктөрдү табууда.

Дүйнөлүк жана чөлкөмдүк интеграциялардын бардык түрлөрүн санап чыгуу менен катар, диссертацияда Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы кызматташтыгында дипломатиялык багыты артыкчылыктуу багыттардын бири экендигин белгилеп өттүк.

Үчүнчү баптын **"Кыргызстандын ШКУга мүчө катары өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары"** аталыштагы үчүнчү параграфында ШКУга Кыргызстандын мүчө болуусу үч этапта жүзөгө ашырылгандыгы иликтенет. Анын *биринчи этабы*, 1991–1996-жылдар "ынак коңшулук жана дипломатиялык мамилелерин түзүү" мезгили болду. Бул жылдарда коңшу мамлекеттер менен чек ара маселесин өз ара сүйлөшүү аркылуу тынчтык жолу менен чечүү – биринчи кезектеги маселелерден болгон.

ШКУнун жаралуусунун тарыхый өбөлгөлөрүн талдоодо диссертацияда Кытай менен чектеш мамлекеттердин жана КМШга мүчө өлкөлөрдүн чек ара көйгөйлөрүн чечүү тарыхы да бир нече этапка бөлүү менен таразаланды.

Маселен, постсоветтик доордогу жүрүмдү алсак, КЭР менен Кыргыз Республикасы өздөрүнүн чек арасын тактоону кылым тогошоордо тынч жол менен чечип алышты. Алардын жалпы чек арасы дээрлик 1078,8 км аралыкты түзөт. Кыргызстан Кытайдын батышында жайгашкан Шинжаң-Уйгур автоном району ("СУАР") менен чектешет.

Эки мамлекеттин чек ара маселесин чечүүгө аракет жасалган жолугушуу 1996-жылы 26-апрелде Кытайдын Шанхай шаарында болуп өткөн. Мында Кытай, Россия жана Борбордук Азия республикалары менен чек ара маселесин чечүүдө "Шанхай бештиги" (Кытай, Россия, Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан) келишими уюшулган. "Шанхай бештигинин" түзүлүшү Кытай

менен Борбордук Азия мамлекеттеринин тарыхында эң маанилүү окуя катары кабыл алынган. Анткени Борбордук Азия чөлкөмүндө чек аралаш жашаган өлкөлөрдүн бир мунасага келиши, чек араларынын коопсуздугуна кооптуу коркунучтарды биргелешип чечүү ниети тастыкталган.

Беш коңшу мамлекет ортосундагы коопсуздуктун кепилдиги үчүн өз ара ишенимди чыңдоо максатында эки документке кол коюлган: 1996-жылы Казакстан, Россия, Кыргызстан, Тажикстан жана КЭР ортосунда чек ара районунда аскердик чөйрөдөгү «Өз ара ишенимди чыңдоо жөнүндө макулдашуу»; 1997-жылы Казакстан, Россия, Кыргызстан, Тажикстан жана КЭРдин ортосунда "Чек ара райондорунда өз ара куралдуу күчтөрдү чектөө жөнүндө макулдашуу" кабыл алынган. Бул документтерди бекитип ар бир тарап ишеним чөйрөсүн кеңейтүү максатында чек ара райондорунда макулдашылбаган аскердик иш-аракеттерди болтурбоого багытталган иш чараларды көрүүгө макулдуктарын беришкен.

Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусуна жетелеген окуялардын *экинчи этабы* 1997–2000-жылдарга таандык. Бул кезди "биргелешкен кызматташтыкты калыптандыруу мезгили" деп бааласак болот. Бул мезгилде Борбордук Азия өлкөлөрү Кытай жана Россия менен соода-экономикалык байланыштарды базар экономикасынын талабына ылайык жандантышкан.

1999-жылы 24–26-августта Бишкек шаарында "Шанхай бештиги" мамлекет башчыларынын жолугушуусу болуп өткөн. Жолугушуунун жыйынтыгында «Бишкек декларациясы» кабыл алынган. Ошону менен катар 25-августта үч тараптуу «Казакстан Республикасы, Кытай Элдик Республикасы жана Кыргыз Республикасынын ортосунда мамлекеттик чек аранын кесилишкен жери жөнүндөгү макулдашууга» кол коюлган. Ушул жолугушууда КЭР төрагасы Цзянь Цземин жана Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев Үзөңгү-Кууш боюнча келишимге кол коюшкан. Мында чечиле элек талашка түшкөн чек ара аймагынын жалпы аянты 2848 чарчы км. түзүп, 857 чарчы км. (30%) Кытайга берилип, 1985 чарчы км. (70%) Кыргызстан тарабында калганы ошол кездеги бийлик тарабынан маалымдалган.

«Шанхай бештиги» 2000-жылы жайында Тажикстандын борбору Дүйшөмбү шаарында бул ынтымакка кирген мамлекет башчыларынын саммитинде «Шанхай форуму» деп аталып калды. Өзбекстан бул ынтымакка байкоочу катары кирди. Ушул саммитте мүчө мамлекеттердин демилгеси менен Борбордук Азия "өзөктүк куралсыз аймак" деп жарыяланды.

Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусуна алып келген окуялардын *үчүнчү (акыркы) этабы* 2001-жылдан тартып башталып, азыркы мезгилде да уланууда. Бул этапты "ар тараптуу кызматташууну ишке ашыруу" же "достук чөйрөнүн түзүлгөн" кезеңи катары бааласак болот.

2001-жылы 15-июнда "Шанхай форумуна" кирген мамлекеттер Бээжинде саммит өткөрүшүп, уюмдун аталышы "Шанхай Кызматташтык Уюму" (ШКУ) деп өзгөртүлдү. Бул саммитте Өзбекстан да ШКУга мүчөлүккө кабыл алынды.

Ушул саммит маалында, 15-июнда, Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстан мамлекеттеринин башчылары мамлекеттик чек аралардын тогошуу чекити жөнүндөгү үч тараптуу макулдашууга кол коюшкан.

ШКУнун мыйзамдуулук базасы 2002-жылы июнда түзүлгөн. Санкт-Петербург шаарында өткөрүлгөн ШКУнун саммитинде базалык түрдө расмий ырасталган ШКУнун Хартиясы жана ШКУга кирген мамлекеттердин башчыларынын Декларациясы кабыл алынган.

2004-жылы 16–17-июнда Өзбекстандын борбору Ташкент шаарында өткөрүлгөн ШКУнун саммитинде ШКУнун байкоочу макамы жөнүндөгү жобо, 27 беренеден турган ШКУнун иммунитети жана артыкчылыктары жөнүндө конвенция кабыл алынган. ШКУнун административдик органы болуп катчылык саналат. ШКУнун катчылыгы 2004-жылы 15-январда Бээжинде түзүлгөн.

ШКУнун негизги ишмердүүлүк принциптери болуп, ачык-айкындуулук принциби жана ШКУнун декларациясында, саммиттерде башка документтерде белгиленгендей, күч колдонуу сыяктуу иш-аракеттерге каршы туруу принциби каралган.

2006-жылы 14–15-июнда Шанхайда болуп өткөн ШКУнун саммитинде ШКУга кирген бардык катышуучу мамлекеттер башка чөлкөмдөргө жана мамлекеттерге каршы болгон шериктештиктерге кошулбоо принцибин кармануу тууралуу макулдашышкан.

2019-жылдын 12–14-июнунда Бишкек шаарында ШКУнун мамлекет башчыларынын саммитинде КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин “ШКУну, биринчиден, биримдиктин жана өз ара ишеничтин классикалык үлгүсүнө айлантуу керек. Экинчиден болсо, анын мүчөлөрү коопсуздук маселесинде жоопкерчиликти бирдей сезип, аны сактоо үчүн бирге аракет кылуусу абзел. Саясий ишенимди бекемдөө, эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташууга ыңгайлуу шарттарды түзүү, келишимде айтылган ШКУнун принциптери жана Шанхай деми менен кетүү маанилүү” деп билдирген.

Кыргызстандын Президенти С.Ш.Жээнбеков болсо ШКУнун бул саммити Кыргызстандын эл аралык беделин чыңдоого багытталгандыгын жолугушуулар аяктаган соң баса белгиледи.

ШКУнун учурдагы жана келечектеги ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу, албетте, коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык ж.б. тармактардагы реалдуу кызматташтыкка багыныңкы десек болот.

Төртүнчү бап **“Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы Кыргызстандын ар тараптуу кызматташтыгы”** деп аталган. Бул бап үч параграфтан турат.

Бул баптын **“Кыргызстандын ШКУнун алкагында жамааттык коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташуусу”** аттуу биринчи параграфында коопсуздук тармагындагы кызматташтык көйгөйлөрү талдоого алынды.

2019-жылы 13–14-июнда Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында ШКУнун мамлекет башчыларынын 19-жыйынынын жүрүшүндөгү эң маанилүү

талкууга алынган маселелердин эң башкысы — коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташуу болгон. Жыйында Бишкек декларациясы кабыл алынган. ШКУга мүчө мамлекеттердин 2018–2023-жылдарда баңгизатка каршы стратегиясынын аткарылышы боюнча 21 пункттан турган программасынын ишке ашыруу боюнча иш планы бекитилген. Мында "ШКУ–Ооганстан" байланыш тобунун мындан аркы иш аракеттеринин жол картасы кабыл алынган.

ШКУнун Хартиясында, катышуучулар уюмдун негизги милдети катары мүчө мамлекеттердин «үч жамандыкка» – терроризмге, жикчилдикке (сепаратизмге) жана экстремизмге каршы бардык багыттарда аракеттенүү милдети көрсөтүлгөн. Чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүмдү (ЧТКТ) негиздөө жөнүндө ШКУнун мүчө-мамлекеттери макулдашышкан. ЧТКТны түзүү идеясы Кыргыз Республикасына таандык. 2004-жылы 16–17-июнунда Ташкент шаарында ШКУнун жыйыны өтүп, анда ЧТКТ түзүлгөн. Анын башкы кеңсеси Ташкентте (Өзбекстан) жайгашкан.

Азыркы тапта Борбордук Азиядагы коопсуздук чөйрөсүндө ШКУдан башка ЖККУнун ишмердүүлүгү өтө таасирдүү десек болот. Бул эки уюм тең (ШКУ жана ЖККУ) коопсуздук чөйрөсүндөгү бирге аракеттенүү жаатында бири-бирине үндөш милдеттерди ишке ашырат. Мындан улам бул уюмдардын биргелешип кыйла тыгыз кызматташуусу зарыл деген сунуштар да айтылууда. 2007-жылы ШКУ менен ЖККУ ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандум түзүлгөн. Эки уюмдун географиялык алкагы жана функционалдык жоопкерчиликтери кандайдыр бир деңгээлде айкалышат жана бири-биринен айырмаланат. Бул тууралуу диссертацияда айрыкча белгиленди.

2017-жылы 9-июнда Астана шаарындагы Саммитте ШКУга Индия менен Пакистандын толук мүчө катары кабыл алынышы менен ШКУнун коопсуздук чөйрөсүндөгү аракеттенүүлөрү башка чөлкөмдүк интеграциялык уюмдарга тийиштүү болбогон бир катар мүнөздүү белгилерге ээ болду. Кытай сунуштаган жана Россия менен макулдашылган, ШКУнун «Чөлкөмдүк коопсуздуктун жаңы модели» кансыз согуш мезгилиндеги эл аралык мамилелерге мүнөздүү «каршы туруу, экспансия» стилиндеги ой жүгүртүү стереотиптеринен баш тартып, дүйнөлөшүү тенденцияларына активдүү ыңгайлашууда, деп баса белгилеген Кытайдын талдоочусу Чэнь Синьмин.

Жыйынтыктап айтканда, ШКУнун алкагындагы коопсуздук жаатындагы кызматташтык акырындап конкреттүү мазмунга каныктырылууда. ШКУ алкагындагы коопсуздук кызматташтыгы жаатында Кыргызстандын ээлеген орду маанилүү төмөндөгү факторлор менен аныкталат: КЭРде «исламчы террорчулар болгондугу үчүн эң кооптуу» делген СУАР менен чектешип турушу; Кыргызстандын, Кытай менен Россиянын ортосундагы коопсуздук аянтчасын камсыздоодо туруктуу жана инфраструктуралык камсыздалган көпүрө аймак катары орду; Борбордук Азия чөлкөмүндөгү коопсуздук маселесинде ШКУга байланышкан машыгууларга жигердүү катышуусу ж.б.

Төртүнчү баптын **“Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы экономикалык интеграциясынын өңүттөрү”** деген экинчи параграфында ШКУнун негизги милдеттеринин бири болуп чөлкөмдөгү экономикалык абалды жакшыртуу, өнөктөштүк мамилелерди жайылтуу жана бекемдөө үчүн жагымдуу шарттарды түзүү милдеттери каралган.

ШКУдагы экономикалык кызматташтык 2003-жылы 23-сентябрында ШКУнун мүчө-өлкөлөрүнүн ар тараптуу соода-экономикалык кызматташуусунун программасын кабыл алынышы менен башталган. 2008-жылы 30-октябрында ШКУнун мүчө–өлкөлөрүнүн ар тараптуу соода–экономикалык кызматташуусун ишке ашыруудагы программасынын планынын жаңыланган редакциясы кабыл алынган. Азыркы мезгилде экономикалык кызматташуунун негизги түзүмдөрү болуп: ШКУнун жумушчу кеңеши; ШКУнун банктар аралык бирикмеси; Эксперттик деңгээлдеги экономикалык кызматташуунун өз ара пайдалуу механизмдеринин оптималдуу вариантын иштеп чыккан ШКУнун форуму саналат.

Акыркы жылдарда ШКУнун алкагында ишке ашып жаткан экономикалык долбоорлор Кыргызстандын жалпы илимий–эксперттик чөйрөсүндө кызуу талкууга алынууда. Адистер КЭРдин ШКУ аркылуу дагы эки тараптуу байланышынын алкагында Кыргызстанга болгон саясатынын жүзүн ачып көрсөтүү абдан маанилүү экендигин белгилешүүдө. Айрым Кытайдын адистери “Кыргызстан Борбордук Азиядагы КЭРдин маанилүү соода шериктеши” делгени менен ал “анча деле өнүкпөгөн, чөлкөмдөгү кичинекей мамлекет” деп сыпатташса, айрым Россиялык ж. б. окумуштуулар эки өлкөнүн соода-экономикалык байланышын анализдөөдө “Кыргызстан Кытай товарларын сактоочу кампа” жана Кытай тарап берген “инвестицияга жаратылыш кендерин (ресурс) алмашуу” шартында ишке ашып жатат деп санашат. Жергиликтүү изилдөөчүлөрдүн баамында, Кыргызстан Кытайдын заманбап Жибек Жолундагы дипломатиясын ишке ашыруудагы стратегиялык шериктеши экендигине токтолушкан.

2019-жылы 23-сентябрда Бишкектеги ШКУга кирген мамлекеттердин өкмөт башчыларынын жыйынында уюмдун ишмердигине нук салчу өтө маанилүү документтер кабыл алынган. Алар телекоммуникацияда жаңы информациялык технологияларды киргизүү, транзиттик мүмкүнчүлүктү кеңейте турган унаа, темир жолдорду салуу, гидроэлектр ишканаларын куруу, экологиялык абалды жакшыртуу, мунай, газ кендерин иштетүү жана бажы тармагында бирдиктүү жоболорду кабыл алуу менен инвестициялык абалды жакшыртуу долбоорлору каралган.

Кытайдын Кыргызстанга багытталган саясаты экономикалык чөйрө менен гана токтолуп калган жок. Демографиялык чөйрөнү алсак, кытайлардын Кыргызстанга кирүүсү жылдан жылга өсүүдө. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик миграция кызматынын билдирүүсү боюнча 2017-жылы 14768 чет элдиктер жумуш иштөөгө уруксат алса, алардын 11593ү КЭРдин жарандары

болгон. Дагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматынын маалыматы боюнча 2017-жылы Кыргызстанда 27566 КЭР жарандары каттодон өткөн, алардын 354ү Бишкек шаарында катталган. 2010—2018-жылдарда 268 кытайдын жараны Кыргызстандын жарандыгын алышкан. Алардын ичинен этностук теги боюнча 171 кыргыз, 72 уйгур, 9 өзбек, 6 кытай, 9 дунган жана 1 казак болгон.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик миграция кызматынын жана Мамлекеттик каттоо кызматынын билдирүүлөрүндө Кыргызстанда 80%га жакын жумуш квотасы кытайларга берилет. Мунун негизги себеби Кыргыз Республикасынын өкмөтү Кытай компаниялары менен жол курууга, ГЭС, тоо кен ж.б. иштетүүгө ири долбоорлор аркылуу келишим түзүшкөндүгүнө байланыштуу.

Кыргызстан менен Кытайдын экономикалык кызматташтыгынын олуттуу маселеси — эки өлкөнү жана Фергана аймагын бириктире турган темир жолду куруу долбоору. Бул тууралуу 2019-жылы 13-14-июндагы ШКУнун Бишкектеги саммитинде каралган жана Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жээнбеков: “Кыргызстан өзгөчө экономикалык жакка басым жасалган ШКУнун 2025-жылга чейинки өнүктүрүү стратегиясындагы милдеттерге өзгөчө көңүл бурат. Бул контекстте биз Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун куруу боюнча долбоорду тезинен ишке ашырууну кубаттайбыз” деп билдирген.

XXI к. долбоору катары бааланган кыргыз-кытай темир жолу оболу Кытай тараптан демилгеленген. Ал түгүл 2000-жылы Кытай Кыргызстандын чек арасына чейин темир жол түйүнүн бүтүрүп ишке киргизген. Кыргызстан аркылуу курулуучу темир жолго Кытай ошол кезде ($2,5 млн.) каражат бөлүүнү болжолдогон, ал темир жол Кашкар (КЭР), Торугарт ашуусу, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Сузак аркылуу (кытай-кыргыз чек арасы) Анжиян (Өзбекстан) тарапты байланыштыруу пландалган. Бирок, бул темир жол түйүнүнүн курулушу кыргыз журтчулугунда жана саясий чөйрөсүндө кызуу талкууланып, алигиче кагаз бетинде кала берүүдө.

Кыргызстандагы коомчулукту түйшөлткөн жагдай: биздин өлкөнүн Кытайга болгон карызы 2018-жылы декабрына карата 1 млрд 719,38 миллион АКШ доллары болсо, 2019-жылы 2 млрд долларды түздү. Бул — Кыргызстандын сырткы карызынын 44,9% түзөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, 2017-жылы Кытай Кыргызстандык 574 ишканага инвестиция салган. 2013–2017-жылдарда чейин Кытайдан түз келген инвестиция 1768,6 млн долларды түздү. Салыштыра кетсек, бул жылдар аралыгында Россиянын Кыргызстандагы инвестициясынын көлөмү 1035,8 млн долларга жеткен.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы мезгилдеги Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы экономикалык кызматташтыктын негизи чөйрөсү: унаа жолдорду куруу, оңдоп түздөө, коммуникация, тоо кен тармагы, жаратылыш ресурстары, гидроэнергетика ж.б. экендигине басым жасалды. Бирок, Кыргыз

Республикасынын экономикасынын бардык чөйрөсүндө Кытай ишкерлеринин кириши көптөгөн калайыктын тынчсызданыуусун жаратууда. Ошол эле учурда Кытай менен кызматташуунун өз ара пайдалуу жолдорун издөө аракеттери да улантылып жатканы диссертацияда чагылдырылды.

Төртүнчү баптын **«Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтыгы»** деп аталган үчүнчү параграфында заманбап цивилизациялык очоктордун маданий-гуманитардык баарлашуусунун жана карым-катнашынын олуттуу өңүттөрү чагылдырылган.

Негизинен ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык ШКУнун Декларациясынын кабыл алынышы менен башталган. Уюмга мүчө мамлекеттер маданий-гуманитардык кызматташтыкты өнүктүрүү чаралары 2002-жылы 12-апрелде Бээжин шаарында ШКУга мүчө мамлекеттердин маданият министрлеринин жолугушуусунда кабыл алынган Декларациянын негизинде ишке ашып келет. ШКУга кирген өлкөлөрдүн Билим берүү министрлеринин биринчи жолугушуусу 2006-жылы 18-октябрда Бээжинде өткөрүлгөн. Анда билим берүү жаатында кызматташуу боюнча эксперттик жумушчу топ түзүлгөн.

2007-жылы 16-августта ШКУнун Бишкек саммитинде уюмдун алкагында билим чөйрөсүндөгү кызматташууну өнүктүрүү маселеси каралган. Ушул эле жылы ШКУга мүчө мамлекеттердин Улуттук координаторлор кеңешинин жыйынында кыргыз тарап маданий кызматташууну тереңдетүү максатында Ысык-Көлдө жайкы музыка мектебин түзүүнү сунуштаган.

2008-жылы ШКУ университети түзүлүп, анын алкагында «чөлкөм таануу» (регионоведение), «IT – технология», «нанотехнология», «энергетика», «экология» багытына негизделген бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү каралган. 2010-жылы ШКУ университетинин бөлүмдөрү мүчө өлкөлөрдүн 53 университетинде түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын бир нече жогорку окуу жайлары ШКУ университетинин алкагындагы программага кирген. 2010-жылы Бишкек Гуманитардык университети, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде (КУУ) тарых жана чөлкөм таануу факультетиндеги «чөлкөм таануу» адистиги ШКУ университетинин алкагындагы магистрдик программага кирген. 2016-жылдан баштап Ж.Баласагын атындагы КУУнун «чөлкөм таануу» адистиги ЕАЭБ алкагындагы «Евразия интеграция» программасына кирип, жигердүү иштеп келе жатат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча, кытай тилин окутуу максатында өлкөнүн бир канча жогорку окуу жайларында Конфуций институттары ачылган. Конфуций институттары КЭРдин каржылоосунда болуу менен Кыргызстанда кытай тилин, маданиятын жигердүү жайылтууда. Маселен, Ж. Баласагын атындагы КУУда Конфуций институту 14 майда 2009-жылы ачылган. 2019-жылдын маалыматы боюнча 6 класс, 11 кытай тилин окутуучу борборлор Кыргызстандын үч областында жайгашкан. Учурда 244 топто 5687 студент кытай тилин үйрөнүүдө.

Конфуций институтунда 31 адам, алардын ичинен 15 квалификациялуу окутуучу, 12 ыктыярчы окутуучу, 4 жергиликтүү окутуучу эмгектенет.

Ал эми 2017-жылы ОшМУда чыгармачылык жана окуу иштери боюнча Конфуций институту эң алдынкы орунга чыккан. Кытай тараптан 800 миң доллар грант берилип, ОшМУда 600 орундуу Конфуций институту үчүн өзүнчө окуу корпусу жана 160 орундуу жатакана курулган. Азыркы кезде ОшМУ Кытайдын 52 университети менен кызматташат.

Кызматташтыктын алкагында ар кандай маданий иш чаралар “Кытай тилинин көпүрөсү”, “музейдеги Кытай маданиятынын күнү”, “китепканадагы түн”, “Конфуций институнун күнү” ж.б. өткөрүлүп турат. Ошону менен катар 15-ноябрда 2016-жылы “Билим — экспорт” аталыштагы кытай тилин окутуучу борбор ачылган, анын эки өлкөнүн алакасын арттыруу максатында тил жана маданий өнүгүүсүн өркүндөтүүнү караган. Бишкекте 37 кытай тилинин курсу, жалпы республикада боюнча 65 кытай тилинин классы бар.

Кытай маданиятын жайылтуу максатында 2016-жылы Борбордук Азия республикаларынын ичинен Кыргызстанда, Бишкек шаарында Кытай жөнүндө маалымат берген “Шанс” китепкана дүкөнү ачылган. Учурда “Кыргызстан-Кытай Жибек жолу институтун” салуу планы каралууда. 2015-жылы ноябрда Бишкекте “Жибек жолу. Маданий өнүгүү” гезитин басып чыгаруу жүзөгө ашырыла баштаган. Бекер таркатылчу бул гезит Кытай тараптын каржылоосунун негизинде жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде 20 миң даана жана кытай тилинде 4 миң даана чыгарылат.

Акыркы жылдарда Кытай менен Кыргызстандын медиа, теле-радио жаатында да кызматташтыгы өнүгүүдө. Кыргызстандагы мамлекеттик телеканалдарда («КТРК» жана «ЭлТР») Кытай жөнүндө берүүлөр ырааттуу көрсөтүлөт. 2017-жылы январдан баштап Кыргызстандын “Кабар” улуттук маалымат агенттиги Кытай элчилигинин каржылык колдоосу менен Кытайдын «Синьхуа» мамлекеттик маалымат агенттигинин жаңылыгы үчүн атайын түйүн ачып берген. “ЭлТР” каналында обого чыккан «Жуңгого сапар» берүүсү Кытайдын экономикасынын өнүгүүсүн, маданиятынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

2019-жылы ШКУнун Бишкек саммитинин алдында К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде кытай, орус жана англис тилдериндеги 1000ден ашуун электрондук китеп топтолгон ири Кытай китепканасы ачылды.

2019-жылы 11-12-июнь күндөрү Бишкек шаарында алгачкы жолу Кытайдын Бээжин шаарынан келген опера өнөрпоздорунун аткаруусунда “Манас” эпосу көрсөтүлдү. ШКУнун мамлекет башчыларынын жолугушуусу алдында, Кытайда жашаган залкар кыргыз манасчысы, Кыргыз Республикасынын Баатыры Жусуп Мамайдын (1918–2014 ж.) варианты боюнча даярдалган “Манас” операсын бээжиндик өнөрпоздордун Манас баатырдын мекенине алып келип тартуулашы Кыргызстан менен Кытайдын маданий байланыштарынын жаңы өрнөгү болуп калган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына караштуу “Мурас” фонду 2018–2019-жылдары расмий Бишкек менен Бээжиндин тарых илими жаатындагы кызматташтыгын чыңдоого, байыркы доордон тартып кытай жазма булактарын изилдөөгө жана эки тараптуу кызматташтыктын жыйынтыктарын жарыялоого багытталган жаңы демилгелер менен чыкты жана Бээжиндеги Коомдук Илимдер академиясы сыяктуу илимий мекемелерден колдоо тапты.

ШКУ алкагындагы университеттин түзүлүүсү ж.б. чаралар Кытайдын ШКУ аркылуу ишке ашырылып жаткан “жумшак күч” саясатынын алкагында жүрүп келет. Негизи, Кытай тараптан идеологиялык баскынчылык орун алган жок, анткени маданият чөйрөсү ар башка, каада-салт, моралдык ж.б. баалуулуктарды камтып, идеологиялык-цензурачыл тар чөйрөгө сыйлыгышпаган кеңири чөйрө. Ал эми учурда кытай тилин үйрөнүү постсоветтик Борбордук Азияда олуттуу жолго жаңыдан гана коюлууда. Бул кытай тилин өздөштүрүү аркылуу Кыргызстан көп багыттуу дипломатиясы үчүн зарыл кошумча мүмкүнчүлүктөргө гана ээ болот.

Демек, корутундуласак, ШКУнун алкагындагы гуманитардык багыттагы кызматташтык бардык өнөктөш тараптарга узак мөөнөттүк жагымдуу натыйжаларды гана бере тургандыгы Кыргызстан менен ШКУнун мисалында тастыкталат, деп бүтүм кылабыз.

Бешинчи бап **“Шанхай кызматташтык уюму жана Борбордук Азия: Кытай, Россия, АКШ ж.б. өлкөлөрдүн мамилеси»** деп аталат жана 3 параграфтан турат.

Бул баптын **«Кытайдын ШКУ алкагында Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстанга карата долбоолору»** деген аталыштагы биринчи параграфында Кытайдын постсоветтик Кыргызстанга багытталган көп тарамдуу саясатынын тарыхый өнүгүшү иликтенди.

2002-жылдан баштап КЭРдин төрагасы Ху Цзинтао мамлекетти башкаруу боюнча бир канча теория жана жоболорду сунуштап келди. Маселен, “Гармониялуу дүйнө теориясы” өзгөчө орунда турат. “Ху Цзиньтаонун башкаруу учуру “пассивдүү саясаттан активдүү саясатка өткөн учур” болуп аталган. КЭР бийлиги өзүнүн артыкчылыктуу багыттарын белгилеп, чек арадагы туруктуулук, дүйнөдөгү “Кытай коркунучу” деген терс бейнеден арылуу жана эл аралык мамилелерде конструктивдүү роль ойноо милдеттерин аныктаган.

Ал эми 2012-жылдын 15-ноябрында ККПнын төрагасы болуп 59 жаштагы Си Цзиньпин шайланган. Кытайдын «бешинчи муундагы» башкаруучусу Си Цзиньпин өзүнүн «Кытай ой чабыты» идеологиялык демилгеси менен чыккан. Алгач бул ички алкакта “кытайлык өңүттөгү социализм” идеясына атаандаш жол катары гана кабыл алынганы менен бир жылдан кийин бул дүйнөлүк коомчулукка Кытайдын саясий концепциясы катары жарыяланган. Бул концепция негизинен үч негизги элементтен турат: күчтүү жана бай мамлекет;

улуттук кайра жаралуу; бүткүл элдик бакыбаттык. Бул теория Кытайдын 2049-жылга чейинки стратегиялык өнүгүү пландарынын маңызын түзөт.

Ал эми «Бир алкак, бир жол» долбоору 2013-жылды сентябрь-октябрь айларында КЭРдин төрагасы Си Цзиньпиндин Казакстан жана Индонезияга жасаган расмий сапарлары маалында шардана кылынган. «Бир алкак, бир жол» - эки долбоорду ичине камтыган: биринчиси, жаңы «Жибек жолунун экономикалык алкагы»; экинчиси, «XXI кылымдагы Деңиз жибек жолу». Бул бири-бирине айкалышкан эки долбоор Евразиялык ж.б. мамлекеттердин интеграциялык өнүгүүсүнө багытталган.

Ал эми 2019-жылды 6-декабрда КЭРдин Тышкы иштер министрлигинин өзгөчө тапшырмаларды аткаруу боюнча элчиси Юэ Бинь "Бир алкак, бир жол" долбоорунун айрым бөлүктөрүн биргелешип куруу Кыргызстан үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү ачат" деген теманын алкагындагы талкууда Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда соода- экономикалык кызматташууда айыл чарба азыктары өзгөчө орунда экендигин белгилеген. 2018-жылы эки өлкөнүн ортосундагы товар жүгүртүү 5,6 млрд. ашкан. Бул көлөм эки тараптуу мамилелердин алгачкы жылдарына салыштырганда 150 эсеге көп. 2019-жылдын 9 айында Кыргызстан менен КЭРдин ортосундагы товар жүгүртүү 6%га, б.а. 4,4 млрд АКШ долларына өскөн. Мындай далилдер Кытайдын Кыргызстан менен тыгыз чарбалык кызматташтыгы КЭРдин "ири түндүк-батышын» (СУАР) өздөштүрүү стратегиялык программасын өнүктүрүү долбоорлоруна да төп болуп, эки тарап үчүн тең экономикалык дурус натыйжаларга кошумча түрткү болот десек болот.

Албетте, Кытай коңшусу менен соода-экономикалык кызматташуунун бардык чөйрөсүнө сүңгүп кирүүдө. КЭР коңшулук саясатын үч негизги принципте ишке ашырууну көздөйт – «дос коңшу, бай коңшу жана тынч коңшу». Ошондуктан КЭРдин Борбордук Азия багытындагы тышкы саясатынын эң маанилүү артыкчылыктарынын бири — Кытайдын Түндүк-Батышындагы Синьцзян (СУАР) аймагына чектеш мамлекеттер менен ынак коңшулук карым-катнаштарды тереңдетүүдө деген тыянак чыгарууга болот.

Бешинчи баптын **«Россия Федерациясынын ШКУ жана ЖККУнун алкагында Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстан менен болгон карым-катнаштары»** деп аталган экинчи параграфында учурда Россия Федерациясынын постсоветтик Кыргызстанга байланыштуу ар тараптуу саясатынын заманбап жүрүмү талдоого алынган.

ШКУнун негиздөөчүлөрүнүн бири болгон Россия менен Кыргызстан гуманитардык, соода-экономикалык, аскердик ж.б. багыттарда ырааттуу карым-катнаш жүргүзүп келет.

2016-жылы 17-сентябрда Россия Федерациясынын Президенти В. В. Путин "Ата-Бейит" көрүстөнүндөгү 1916-жылкы падышалык Россияга каршы улуттук боштондук көтөрүлүш айоосуз жазаланганда набыт болгондордун эстелигине гүлдесте коюп, азыркы демократиялык Россия менен Кыргызстан

таптакыр жаңы деңгээлдеги өнөктөштөр экенин тастыктаган. Жалпы илим-билим анын ичинде архивдик, археологиялык, этнографиялык жана башка тармактарда бул эки шерик өлкө совет доорундагы кызматташтыкты сактап тим болбостон, жаңы деңгээлге көтөрүлгөн.

2019-жылы 28-мартта Кыргызстанга Россия Федерациясынын Президенти В. В. Путин кайрадан мамлекеттик иш сапары менен келген. Бул жолку расмий сапарда эки өлкөнүн ортосунда кызматташуу боюнча 16 меморандумга жана макулдашууга кол коюлган, анын ичинен соода-экономикалык кызматташтык, товар жүгүртүүгө көп көңүл бурулган. Кыргыз-орус фонду аркылуу түз инвестициянын келиши 2019-жылы 200 млн. доллардан ашкан. Россиялык ишканалар кыргыз экономикасынын бардык секторлорунда бар. Учурда Кыргызстанда кыргыз-орус биргелешкен 700дөн ашуун ишкана катталган.

Россиянын белгилүү кытай таануучусу, профессор А. Д. Воскресенский Россия Федерациясынын Борбордук Азияга карата жүргүзгөн саясатынын эволюциясын үч чоң этапка бөлөт. Мындай үч баскычтагы өнүгүүнү Россиянын Кыргызстанга карата саясатына жана ШКУга мүчө болуп кирүү этабы менен байланыштырып карадык.

2001-жылы 11-сентябрдагы АКШдагы террордук чабуулдан кийин Кыргызстан АКШ менен террорчулукка каршы иштиктүү кызматташа баштаган жана “Манас” аба майданынын четинде АКШнын “Ганси” базасы негизделген.

Бул кырдаалда өзүн Евразиядагы негизги “оюнчулардын” бири санаган Россия да Кыргызстанды копсуздукту чындоого багытталган долбоорлор менен өзүнө кайра тарта баштаган. Коопсуздук жаатындагы уюмдардын деңгээлинде, маселен, ЖККУ алкагындагы кызматташуу күчөгөн.

Кыргызстанда ЖККУнун алкагында Россиянын аскер аба күчтөрүнүн базасын жайгаштыруу маселеси 2002-жылы 5-декабрында кол коюлган аскердик кызматташтык тууралуу келишимде камтылган. Натыйжада 2003-жылы Кантта ЖККУнун канаты алдында орус аскер аба базасы түзүлгөн.

Ушундай эле аскердик база Тажикстанда негизделген. Россиянын эки мамлекетте тең аскердик базасынын жайгашуусу, Борбордук Азиядагы коопсуздукту жана туруктуулукту камсыз кылуунун жалпы максаты, биринчи кезекте, Ооганстандагы кырдаал жана ага байланыштуу терроризм жана экстремизм коркунучтары, чек арадагы уюшкан кылмыштуулуктун башка түрлөрүнө каршы туруу катары каралат.

Россиянын  Борбордук Азиядагы мындай кадамын айрым адистер дароо эле АКШнын «Ганси» жана “Ханабад” авиабазасына атаандаш база түзүү, ал аркылуу АКШнын Борбордук Азиядагы таасирин басаңдатып, Кремлдин таасирин күчөтүү аракети катары баалап чыгышкан.

Негизинен, Россиянын Кыргызстанга карата тышкы саясатынын өзөгү «Евразиялык багыт» аркылуу үч негизги багытта экендигин белгилейбиз: 1) аскердик жана коопсуздук тармагындагы кызматташтык (Канттагы аскердик база, Кара-Балта, Каракол шаарларындагы байланыш түйүндөрү, Майлуу-

Суудагы автономдуу сейсмикалык станция); 2) Россия аркылуу түзүлгөн түзүмдөр аркылуу кызматташуу (КМШ, ЖККУ), акыркы мезгилдерде ЕАЭБ алкагында соода-экономикалык интеграциянын күч алуусу; 3) гуманитардык чөйрөдөгү үзүлбөй ырааттуу сакталган кызматташтык. Маселен, Борбордук Азиядагы башка постсоветтик өлкөлөргө салыштырганда, Кыргызстанда орус тили расмий тил катары кабыл алынып, орустук диаспора өкүлдөрүнүн республиканын мамлекеттик жана коомдук турмушуна жигердүү активдүү катышуусу көзгө айрыкча көрүнөт.

Жыйынтыктасак, Россиянын Кыргызстандын ЖККУ, ЕАЭБ жана ШКУ алкагында өнүгүүсүндө атаандаш жана шериктеш катары кызматташуу маселелерин конструктивдүү маанайда чечүүсү орун алган десек болот.

Бешинчи баптын **«АКШнын, Евробиримдигинин жана башка өлкөлөрдүн Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердүүлүгүнө карата мамилеси»** деп аталган үчүнчү параграфында АКШ, Европа Биримдигине кирген мамлекеттер, Япония жана Индиянын Борбордук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга жана ШКУга карата мамилеси талдоого алынган.

Борбордук Азия жана Кыргызстан 1991-жылдын соңунан тартып АКШнын назарына өзгөчө илинген. АКШ бул мамлекеттердин (анын ичинде Кыргызстандын) көз каранды эместигин биринчилерден болуп таанып, ал түгүл башкалардан мурда өз элчиликтерин ачкан.

АКШнын Борбордук Азия республикалары менен алакалары 2001-жылдын 11-сентябрындагы АКШдагы терракттардан кийин жигердүү кызматташтыктын жаңы тепкичине көтөрүлгөн. 2001-2005-жылдары Өзбекстандын Карши шаарына жакын жерде Кашкадарыя облусунда жайгашкан Ханабаддагы аскердик аэродромдо АКШнын аскер базасы болгон. Ал эми 2001-жылы күзүндө Кыргызстанда «Манас» аба майданынын бир булуңунда АКШнын «Ганси» аскер аба базасы жайгаштырылганда, албетте, ШКУга кирген айрым өлкөлөр, айрыкча Россия менен Кытай, бул кадамга каршы позициясын ачык эле билдиришкен.

2005-жылы 5-июлда Астана шаарындагы ШКУнун кезектеги жыйынында Ооганстандагы исламчы террорчулардын таянычы болгон «Талибандар» кыймылына каршы америкалыктардын аскерлеринин аракеттерин колдоо үчүн Борбордук Азиядагы (Өзбекстан жана Кыргызстан) жайгашкан америкалык базаларды чыгарып салуу мөөнөтүн тактоого чакырган декларация кабыл алынган. Астана декларациясы Борбордук Азия аймагынан АКШнын базасын чыгаруунун ачык аракети катары бааланган. Ошентип, 2005-жылы 19-июлда АКШнын Конгрессинин өкүлдөр палатасы ШКУнун арызынын негизинде резолюция кабыл алган. Өзбекстан америкалыктардын Каршы шаарындагы Ханабад аскер аба базасын өз аймагынан жарым жыл аралыгында чыгып кетет деп билдиришкен.

2005-жылы октябрында АКШнын Мамлекеттик катчысы Кондолиза Райс Кыргызстанга келип, Өзбекстандагы аскер аба базасын Кыргызстанга көчүрүү жөнүндө Президент К. Бакиев менен сүйлөшкөн. Бирок 2009-жылы февралында Кыргызстан тарап «Ганси» авиабазасын жабуу тууралуу чечимин билдирет жана Кыргыз Республикасынын чечими парламент тарабынан жактырылат. Ошентип, 2009-жылы март айында авибазаны колдонууга тыюу салынгандыгы АКШнын 11 союздаш өлкөлөрүнө таратылган. Эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында, 2009-жылы 22-июнда жаңы келишим түзүлүп, америкалык “Ганси” (“Манас”) базасынын атын өзгөртүп, аны 2014-жылы июлга чейин «Манас» транзиттик ташуу борбору катары сактоо тууралуу макулдашылган. Ал эми 2014-жылы АКШнын транзиттик борборун “Манас” аба майданынан толук чыгарган. Ушундан кийин көптөгөн серепчилер Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы буга чейинки жылуу мамиле кыйла сууп калгандыгын белгилешкен.

Ал эми 2015-жылы АКШ Президенти Барак Обаманын мезгилинде түзүлгөн С5+1 платформасынын алкагында АКШнын Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан менен кызматташтыгы кайра жанданган. 2016-жылы Вашингтон шаарында АКШ жана Борбордук Азия мамлекеттеринин министрлери жыйын өткөрүп, 15 миллион долларга бааланган беш долбоорду ишке ашыруу боюнча келишимге жетишилген.

Жалпысынан, 1991-жылдан бери 26 жылдын ичинде АКШнын өкмөтү Кыргызстанга 2 миллиард долларга тете инвестициялык жардам көрсөткөнү маалым. АКШ Кыргызстан менен маданий ж.б. гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыкка абдан чоң маани берет. ЮСАИД (АКШдагы эл аралык өнүктүрүү агенттиги), Тынчтык Корпусу, АКШ китепканасынын алдындагы «Ачык дүйнө» программасы, Эл аралык билим берүү боюнча Америка Кеңеши (ЭББАК) ж.б.у.с. Ал эми Президент Дональд Трамптын тушунда Кыргызстанга карата АКШнын саясатында өзгөчө айырмалуу жаңы демилгелер байкалбады. Бирок АКШ тарабынан Кыргызстанга көмөк кылуу жаатындагы ар түрдүү программаларды жүзөгө ашырып келишет.

СССРдин жоюлушу менен Борбордук Азия өлкөлөрү (анын ичинде Кыргызстан) геостратегиялык кызыкчылыктарды пайда кылган аймактардын бирине айланган. Борбордук Азияга болгон Европа Биримдиктин (ЕБ) стратегиясы жана саясаты аймактагы коопсуздук маселесине тийиштүү эмес, бирок ЕБ Борбордук Азиядагы коопсуздукка таасир этүүгө жөндөмдүү болгон иш чараларга катышат. Мындай таасир этүү бир канча мүмкүнчүлүктөр менен ишке ашырылып келет: 1) жалпы европалык институттардын жардамы аркылуу (ОБСЕ, Еврокомиссия, Европарламент ж.б.); 2) конкреттүү бир европалык держава аркылуу (Улуу Британия, Германия же Франция аркылуу); 3) ЕБнин бир канча өлкөлөрү кирген НАТО сыяктуу аскердик-саясий институту аркылуу.

1990-жылы акырында Япониянын Борбордук Азия аймагына болгон активдүүлүгү тез өскөн. Япониянын чөлкөмдөгү негизги кызыкчылыгы

экономика чөйрөсүндө жатат. Япония Борбордук Азиядагы постсоветтик өлкөлөргө миллиарддык көлөмдө жардам көрсөткөн бирден-бир Чыгыш өлкөсү.

Япониянын КМШга болгон энергетикалык кызыкчылыгы Борбордук Азия менен тыгыз байланыштуу. 1997-жылы бул өлкөнүн премьер министри Хашимото демилгелеген "Евразия дипломатиясы" деген доктрина негизи эки бөлүктөн: биринчиси, Россия менен жакшы мамилени сактоо; экинчиси, "Азиянын ар тарабынан жаңы досторду" табуу, т.а. Борбордук Азия менен достошуудан турат.

ШКУнун ишмердигине Япония жана анын стратегиялык өнөктөштөрү абдан кызыгып келишкендигин жашырышпайт. 2003-жылы Япония Борбордук Азия өлкөлөрүнө «Борбордук Азия + Япония» форматындагы кызматташтыкты сунушталган. Мындай кызматташтыктын алкагында "Евразия стратегиясы", "гүлдөп өсүүнүн жана эркиндиктин дарбазасы" долбоорлорун ишке ашыруу каралган. Алар "Кеңейтилген Чыгыш Азия (Кытай, Түштүк Корея менен чогуу" же "Чыгыш Евразия" (Россия менен кошо) долбоорду сунушташкан. Бул долбоорлор, аны сунуштаган тараптын оюнча, Борбордук Азия, Япония ж.б. кызыкдар оюнчулар үчүн биргелешкен аянтча болмок.

ШКУнун ишмердүүлүгү Индия, Пакистан, Түркия, Иран сыяктуу өлкөлөрдүн кызыгуусун туудуруп келген. Ал түгүл Индия менен Пакистан эми, 2017-жылдан тартып, Кыргызстан менен ШКУнун алкагындагы өнөктөштөргө айланды.

Иран болсо ШКУга мүчө болууга ынтызардыгын ырааттуу билдирип келет. НАТОнун мүчө өлкөсү болгон Түркия ШКУ менен "сүйлөшүү боюнча шериктеш" макамынын жаатында кызматташууда.

Жыйынтыктап айтканда, ШКУ өзүнүн дээрлик 19 жылдык тарыхында мамлекеттер аралык эл аралык уюм катары мезгилдик сыноого туруштук берди деп ырастоого болот. ШКУ постсоветтик мейкиндиктеги бир катар өлкөлөрдүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын, эл аралык кызматташууну тереңдетүүдөгү кошумча аргасы катары жагымдуу ролду ойноп келет.

ШКУнун мүчө өлкөлөрү, айрым эки тараптуу тирешүүлөр орун алган жагдайларга карабастан, ШКУ аркылуу Евразиялык ири аймактагы туруктуулукту жана террорчулук сыяктуу ар кандай коопсуздук коркунучтарын алдын алуучу жана бөгөт кылуучу факторго ээ болушту. Жыйынтыктасак, учурдагы ШКУнун дагы бир мааниси — Россия, Кытай, же АКШ ж.б. кубаттуу мамлекеттер Борбордук Азияда мындан ары өз алдынча жана жеке басар ролду ойногон жалгыз оюнчу боло албастыгын да кепилдеген уюмдардын бири болуп калгандыгында.

## КОРУТУНДУ

1. Тарыхнаамалык жана булак таануучулук талдоонун жыйынтыктары Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттарда кызматташтыкты тарыхый өңүттө ар тараптуу комплекстүү изилденүүгө алынбай келгенин көрсөтүп турат.

2. Кыргыз Республикасы тарабынан эл аралык уюмдардын институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу СССРдин кулашы менен башталган. Кыргызстандын эл аралык уюмдарга катышуусу диссертацияда көрсөтүлгөндөй беш багытта ишке ашып келет. Ошол эле учурда Кыргызстандын ШКУнун алкагында Кытай жана Россия менен кызматташууга болгон чоң кызыгуусу талдоого алынды;
3. ШКУнун түзүлүү тарыхы алгач "Шанхай бештигин", андан кийин "Шанхай форумун", азыр - "ШКУну" түзүүгө алып келген чек ара маселелери жана трансулуттук коопсуздук көйгөйлөрү менен байланышкан. Борбордук Азияда Кыргызстан маанилүү геосаясий, геостратегиялык жана транзиттик орунду ээлейт, бул анын ШКУдагы баалуулугун жана маанилүүлүгүн тастыктайт;
4. ШКУнун жаралуу тарыхы Кыргыз Республикасынын эгемендүү мезгилиндеги эл аралык аренадагы позициясын чыңдоо тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Ата Мекендик жана чет элдик тарыхнааманы талдоонун негизинде изденүүчү тарабынан тарыхый булактардын жаңы топтомун илимий айлампага киргизүүнүн негизинде, үч этапты камтыган Кыргызстандын ШКУга мүчөлүгүн мезгилдерге бөлүштүрүү түзүлдү;
5. Борбордук Азия жана Кыргызстан ШКУнун алкагында коопсуздукту колдоо процесстерине активдүү катышып, аймактагы туруктуулукту камсыз кылууга, “үч жамандыкка” (терроризм, экстремизм, сепаратизм) каршы күрөштү интеграциялап, эл аралык коопсуздукту чыңдоого салым кошууда;
6. Кытайдын ШКУ аркылуу Кыргызстанда жана Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүндө “Бир алкак, бир жол” “ Жибек Жолунун экономикалык алкагы” негизги долбоорлорунун алкагында ишке ашырылып жаткан саясаты биринчи кезекте “Түндүк-Батыш аймагын тездик менен өнүктүрүү” (Синьцзян-Уйгур автономдуу району) максаттарына жооп берет;
7. Кытай Борбордук Азиядагы коңшу мамлекеттерге өз таасирин чыңдоого өтө кызыкдар. Жалпысынан Кытай Кыргызстан аркылуу Ортоңку Чыгыш, Батыш Евразия өлкөлөрү менен унаа-байланыш жаатындагы транзиттик пландарын ишке ашыруу үчүн ар кыл жолдорду, анын ичинде, мисалы, Жибек жолунун эң кыска варианты катары кыргыз-кытай темир жол тилкесин курууну, ж.б.у.с. долбоорлорду ишке ашырууну көздөп келет;
8. Кытай ШКУнун негизги демилгечилеринин бири катары уюмдун план ченемдерин чыңдоодо, өзүнүн Борбордук Азиядагы коңшуларына “баскынчыл” максаттары болбогон “жаңы супердөөлөт” катары абройго ээ. Кытай тарап, Кыргызстан сыяктуу эле, ШКУнун Борбордук Евразия мейкиндигиндеги көйгөйлөр менен карама-каршылыктарды чечүүдө тар мамлекеттик кызыкчылыктардан жогору турган эл аралык механизм катары өз ролун чыңдоосуна кызыкдар;
9. Кыргызстандын көп векторлуу тышкы саясатындагы кызматташтыктын бардык чөйрөлөрүндө Россия башкы ролдо болууга умтулат. Ири Евразия чөлкөмүндөгү, анын ичинде Борбор Азиядагы коопсуздук жаатында, Россия

эл аралык жоопкерчиликтин жүгүн Кытай менен тең бөлүшүүгө мажбур. Кытай менен Россиянын демилгеси боюнча уюштурулган ШКУнун ишмердүүлүгү, ЖККУнун (демилгечи Россия) ишмердүүлүгү бири-бирине карама-каршы келбейт;

10. АКШ менен Евробиримдик өлкөлөрүнүн жетекчилиги Евразия континентинин жүрөк толтосунда — Борбордук Азияда болуп жаткан жүрүмдөргө кыйыр таасир этүү усулдарын, анын ичинде медиа тармагын жана атуулдук коом менен кызматташуу аргаларын кучагына алган “жумшак күчтү” да колдонууда, алсак, Борбордук Азия мамлекеттеринин жаштарына Батыштын ЖОЖдорунан окууга гранттар берилет, маалыматтык чөйрөдө бейтарап маалымдоону камсыз кылуучу иш-аракет жүргүзүлөт. Ал эми Япониянын Борбордук Азияга карата саясатынын максаты — Евразия менен кургактык аркылуу байланыштырууда жаңы багыттарды өздөштүрүү аркылуу Азиялык-Тынч океан аймагын кеңейтүү планына кошумча өбөлгөлөрдү камсыз кылуу мүдөөсү болуп саналат;
11. Кытайдын ШКУ аркылуу Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан экономикалык ишмердүүлүгү (тоо-кен, жол куруу, энергетикалык жана коммуникациялык долбоорлор ж.б.) акыркы мезгилде Кыргызстан тарабынан жакшылап бышпай чийки, даярдалган долборлордон улам же айрым схемалаштырылган коррупциялык күчтөрдүн кесепетинен жергиликтүү калктын каршылыктарын жана нааразычылыгын жаратып, олуттуу тоскоолдуктарга туш болууда. Мындай нааразычылыктар көпчүлүк учурда эки өлкөнүн жарандарынын ортосунда кагылышууга жана интеграциялык долбоорлорду курууга тыюу салууга алып келет. Бирок, бул экономикалык өнүгүүгө жана инвестициялардын келүүсүнө чечкиндүү түрткү бере турган, эки тараптын тең кызыкчылыктарын эске алуу менен, коррупциядан алыс, прогрессивдүү эл аралык долбоорлорго тоскоол болбошу керек. Жыйынтыктап айтканда, жалпы позитивдүү жылыштарды калыптандыруу, дүйнөлүк интеграциядан четте калбоо үчүн Кыргызстан БУУ, ЕККУ, ЖККУ, ЕАЭБ, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдардын иш-аракеттерине жигердүү катышуусу керек.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Кыргызстан Шанхай Кызматташтык уюмунун алкагында Борбордук Азия мамлекеттери, Россия Федерациясы жана КЭР менен көп форматтуу кызматташууну уланта берүүсү зарыл. Кыргызстан ШКУ алкагында Кытай демилгелеп жаткан «Жибек Жолунун экономикалык алкагы» инфраструктуралык инвестициялардын Азиялык банкын тездетип куруусун колдоп, керек болсо бул банктын башкы кеңсесин Кыргызстанда жайгаштырууну демилгелөө керек;
2. Борбордук Азияда (анын ичинде Кыргызстанда) ШКУнун алкагында аналитикалык жааттагы адистер менен эксперттер үчүн илимий-изилдөө борборлорун түзүү шарт. Ошондой эле ШКУга мүчө мамлекеттерди ШКУнун Университетинин эл аралык тармактык долбоорун ишке ашыруу

үчүн, ал өзүнүн турмуштук жөндөмүн көрсөтүп жана анын алкагында саламаттыкты сактоо, спорт, туризм ж.б у. с. кесиптик даярдоонун жаңы багыттары боюнча адистерди даярдоону улантуу менен ШКУнун бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүү сунушталат;

3. ШКУ мейкиндигинде маданий-гуманитардык кызматташтыкты жайылтуу менен катар аны натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бербеген көптөгөн идеологиялык жана башка жасалма тоскоолдуктар бар. Ошентип, илимий-техникалык чөйрөдөгү кызматташтыктын кемчиликтеринин бири - ШКУнун тарыхын жана ишмердүүлүгүн изилдеген адистердин жетишсиздиги жана биргелешкен илимий долбоорлорду ишке ашырууга тоскоол болгон жана башка көптөгөн жагдайлар саналат. Демек, ШКУнун алкагында илимий-изилдөө кызматташтыгынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү зарыл. ШКУнун алкагында Кыргызстан ар кандай форматтагы илимий форумдарды уюштуруу жана өткөрүү ишин күчөтүү, олуттуу жана жүйөлүү илимий сунуштарды атайын монографияларда, жыйнактарда жана илимий журналдарда жарыялоосу керек;
4. Борбордук Азияда (анын ичинде Кыргызстан) аймактагы коңшу өлкөлөр менен “үч жамандыкка” каршы туруу кызматташтыгынын механизмдерин түзүп, аскер чөйрөсүндө өз ара ишенимди кеңейтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн, өлкөдөгү ар кандай аскердик, коргонуу иш-аракеттери жөнүндө алдын-ала маалымат берүү механизмдерин түзүүнүн жигердүү демилгечиси болушу керек;
5. ШКУга мүчө мамлекеттер өз ара экономикалык кызматташуусун кеңейтиши керек. Ошол эле учурда, ШКУнун алкагында өнөктөштүк принцибин ишке ашырып, өз ара кызыкчылыктарды эске алуу зарыл. Сунушталган ар кандай инвестициялык долбоорлорго кыйла салмактуу мамиле кылуу жана аларды ишке ашыруунун мүмкүн болуучу кесепеттерин, анын ичинде Борбордук Азия өлкөлөрүнүн экономикасына зыян келтириши мүмкүн болгон коркунучтарды жана тобокелдиктерди анализдөө керек;
6. ШКУнун расмий тили болуп кытай жана орус тили кабыл алынган, бирок мүчө-өлкөлөрдүн курамынын кеңейтүү шартында жаңы мүчөлөрдүн эл аралык баарлашуу тилдерин эске алуу менен жана уюмдун ишинин натыйжалуу болушу үчүн англис тилинин расмий тил болуп кошумча киргизилүүсү, ошондой эле, синхрондук котормолорго таянуу аркылуу ШКУга мүчө өлкөлөрдүн мамлекеттик тилдерин (маселен, кыргыз тилин) расмий жыйындарда жана башка форматтарда колдонууга өтүүнү карoo зарыл.
7. Кыргызстандын жогорку окуу жайлары постсоветтик мезгилдеги Кыргыз Республикасынын тарыхын чагылдырууда ШКУнун ордун жана ролун Кыргызстандын дипломатиялык тарыхындагы көп тараптуу (көп векторлуу) багыттардын бири катары объективдүү жана калыс көрсөтүлүшү абзел.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектер:**

1. Омурова, Ж. О. Борбордук Азия жана Шанхай кызматташтык уюму [Текст] / Ж. О. Омурова // Билим жана Тарбия: илимий-педагогикалык журнал. – Бишкек, 2012. – №1 (13). – Б.76 - 79.
2. Омурова, Ж. О. Кыргыз республикасынын эл аралык уюмдар менен болгон өз ара байланыштарындагы кээ бир маселелер [Текст] / Ж. О. Омурова // Проблемы полиэтнического общества в ЦА: вызовы и возможные решения. – Бишкек, 2013. – Б.95 - 100.
3. Омурова, Ж. О. Кытайдын тышкы саясатында Шанхай кызматташтык уюмунун ээлеген орду [Текст] / Ж. О. Омурова // Улуу Кыргыз Каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 ж. арналган "Кыргыз кагандыгы түрк цивилизациясынын алкагында: кыргыз таануу маселелери" аттуу эл аралык илимий конференциясы (15-16 ноябрь, 2012 ж.). Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2 бөлүм. – Бишкек, 2013. – Б.111-117.
4. Омурова, Ж. О. Шанхай кызматташтык уюму чек ара маселелерин чечүүнүн фактору катарында [Текст] / Ж. О. Омурова // "Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелер: азыркы абалы жана келечеги" аймактык илимий-практикалык конференция. КР улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн жарчысы. Ош, – 2013. – вып. № 2. – Б.133-144.
5. Омурова, Ж. О. Евразия мейкиндигинде геосаясий багыттар жана Шанхай кызматташтык уюму [Текст] / Ж. О. Омурова // Актуальные проблемы истории Кыргызстана: матер. респуб. науч. конференции пос. 80 летию проф. Аттокурова С.А. – Бишкек, 2013. – Б.156-164.
6. Омурова, Ж. О. Шанхай кызматташтык уюму жана Евразиядагы экономикалык интеграция көйгөйлөрү [Текст] / Ж. О. Омурова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – Бишкек, 2013. – вып. 5. – Б. 172-177.
7. Омурова, Ж. О. ШОС и русско-китайские пограничные проблемы [Текст] / Ж. О. Омурова // Культурно-исторические пространство ЦА: от прошлого- к будущему. К 110-летию со дня рождения Ю.Н.Рериха: материалы Международной общественно-научной конференции. 11декабрь 2012. – Бишкек –Москва: КРСУ, – 2013. – С.362-372.
8. Омурова, Ж. О. Мамлекеттүүлүк жана кыргыз-кытай дипломатиялык мамилелеринин өнүгүшү [Текст] / Ж. О. Омурова // Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында: Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган 2 эл аралык конференциясы: (2013-ж 15-16 ноябрь). – Бишкек, 2014.– Б. 147-153.
9. Омурова, Ж. О. ШКУнун алкагындагы өнүгүүдө Борбордук Азия Республикаларынын кызыкчылыктары жана көйгөйлүү маселелери [Текст] /

Ж. О. Омурова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – Бишкек, 2014. – вып. 5. – Б. 274-281.
10. Омурова, Ж. О. Взаимоотношения Кыргызской Республики с КНР в рамках ШОС. [Текст] / Ж. О. Омурова // Востоковедные исследования на Алтае: материалы регионального научного семинара с международным участием "Азиатская Россия, ЦА и Китай" история и перспективы. – Барнаул, 2014 – вып. VIII. – с. 17-24.
11. Омурова, Ж. О. Фергана өрөөнүндөгү этностор аралык маселедеги эл аралык уюмдардын ролу. [Текст] / Ж. О. Омурова // Сулайман-Тоо: тынчтыктын жана ынтымактын символу. ОшМУнун Жарчысы. – Ош, 2014. – вып.1. –№ 3.– Б.141-145.
12. Омурова, Ж. О. Современные интеграционные процессы в евроазаитском пространстве [Текст] / Ж. О. Омурова // Евразийство: теоретический потенциал и практические приложения. – Барнаул: Изд-во АлтГУ, 2014. – № 7. – с. 461-469.
13. Омурова, Ж. О. Этапы исторического развития ШОС. [Текст] / Ж. О. Омурова // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2014. – № 5. – Б. 137-140.
14. Омурова, Ж. О. Торгово-экономическое сотрудничество в рамках Шанхайской организации сотрудничества [Текст] / Ж. О. Омурова // Известия ВУЗов. – Бишкек, 2014. – №11. – Б. 132-135.
15. Омурова, Ж. О. Интеграционные процессы ШОС и участие в ней Кыргызстана: некоторые сравнения [Текст] / Ж. О. Омурова // Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 550-летию Казахского ханства и 20-летию Ассамблеи народа Казахстана. «Эволюция казахской государственности: Исторические традиции и вызовы XXI века». – Астана, 2015. – С. 252-258.
16. Омурова, Ж. О. Проблемы и трансформации и расширения ШОС на современном этапе [Текст] / Ж.О.Омурова // Вестник Евразийского национального университета им. Л. Н. Гумилева.– Астана, 2015. – № 3 (106). – С. 584-590.
17. Омурова, Ж. О. Взаимоотношения государств – членов ШОС по национальной безопасности [Текст] / Ж.О.Омурова // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2015. – № 1 – С.148-150.
18. Омурова, Ж. О. Этностор ортосундагы мамиле жана миграция маселеси. [Текст] / Ж. О. Омурова // Кыргызстан жана Борбордук Азия – этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги: КРдин УИАсынын мүчө кабарчысы, т.и.д., профессор А.Асанкановдун 60 жылдыгына арналган илимий жыйын. – Бишкек: “Maxprint”, 2015. – Б. 300-304.
19. Омурова, Ж. О. Сотрудничество Кыргызской Республики с КНР в рамках ШОС [Текст] / Ж. О. Омурова // Казак Хандыгынын курулушунун 550 жылдыгына “Казак хандыгы: тарых, теориясы жана бүгүнкү күн” эл аралык

илимий теориялык конференция материалдары 5-6 май 2015. – Аламаты, 2015. – Б. 244-248.
20. Омурова, Ж. О. Кыргыз Республикасынын тышкы саясий өнүгүүсүнүн көйгөйлүү маселелери [Текст] / Ж. О. Омурова // Эгемен өлкө, Демократиялуу коом, Эркин атуул. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз крандысыздыгына ээ болгондугунун 25 жылдык мааракесине арналган илимий жыйын. – Бишкек: “Maxprint”, 2016. – Б.320-330.
21. Омурова, Ж. О. Эгемендүү мезгилдеги Кыргыз мамлекетинин өнүгүшүндөгү өңүтүү багыттар жана көйгөйлүү маселелер [Текст] / Ж. О. Омурова // Ж. Баласагындын "Куттуу билим" – X-XI к. Борбордук Азиядагы мусулмандык кайра жаралуунун күзгүсү: Ж. Баласагындын 1000 жылдыгына арналган "Кыргыз жана карахандар каганаттары" эл аралык илимий–тажрыйбалык жыйындын материалдары. – Бишкек: “Maxprint”, 2016. – Б. 310-317.
22. Омурова, Ж. О. “Чоң оюндун” жаңы этабындагы Борбордук Азия [Текст] / Ж.О.Омурова // 1916-жылкы көтөрүлүштүн 100 жылдык мааракесине арналган эл аралык илимий жыйындын материалдары. – Бишкек: “Maxprint”, 2016. – Б. 156-162.
23. Омурова, Ж. О. Сотрудничество Кыргызской Республики с КНР в условиях развития «Экономического пояса великого Шелкового пути». [Текст] / Ж. О. Омурова // Актуальные проблемы истории, этнологии, археологии и культуры Башкортостана: материалы Всероссийской научно-практической конференции с международным участием, посвященной юбилею видного общественного и научного деятеля, профессора Марата Махмутовича Кульшарипова (г. Уфа, 8 апреля 2015 г.) / отв. ред. М.М. Кульшарипов, Б.В. Бурангулов. – Уфа: РИЦ БашГУ, 2016. – С. 262-270.
24. Омурова, Ж. О. Из истории взаимоотношений Кыргызской Республики с Российской Федерацией в период суверенитета [Текст] / Ж. О. Омурова // Востоковедные исследования на Алтае.– Барнаул: Издательство АлтГУ, – вып. XI. 2016. – С. 35-40.
25. Омурова, Ж. О. Улуу Жибек Жолунун кайра жаралуусундагы ШКУ өлкөлөрүнүн маданий гуманитардык интеграция маселелери. [Текст] / Ж. О. Омурова // Сборник международного форума "Алтайская цивилизация и родственные народы алтайской языковой семьи" (20-22 июля 2017г.). – Бишкек: "Турар", 2017. – Б. 524-532.
26. Омурова, Ж. О. Кытайдын Борбордук Азияга багытталган "гормониялык дүйнө" жана "бир алкактагы бир жол" саясаты. [Текст] / Ж. О. Омурова // Ош мамлекеттин университетинин Жарчысы. – Ош, 2018. – № 2. – Б. 245-249.
27. Омурова, Ж. О. ШОС как механизм урегулирования погранично-территориального вопроса между Кыргызской Республикой и Китайской Народной Республикой. [Текст] / Ж. О. Омурова // Известия Алтайского Государственного университета. – Барнаул, 2018. – №5. – С. 124-128

28. Омурова, Ж. О. Проблемы безопасности в рамках Шанхайской организации сотрудничества [Текст] / Ж. О. Омурова // Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2019. – № 6 – 8 (50). – С. 64-69.
29. Омурова, Ж. О. Problems of humanitarian integration of Kyrgyzstan within the framework of the Shanghai cooperation organization [Текст] / Ж. О. Омурова // Актуальные научные исследования в современном мире. – Украина, 2019.– № 7 – 2.(51). – С. 6-11.
30. Омурова, Ж. О. Кыргызстан в интеграционном развитии Шанхайской организации сотрудничества [Текст] / Ж. О. Омурова // Актуальные проблемы социально–гуманитарного и научно–технического знания. – Курск, 2019. – № 3. – С. 62-65.
31. Омурова, Ж. О. Economic integration of Kyrgyzstan in the framework of the Shanghai cooperation organization [Текст] / Ж. О. Омурова // Актуальные научные исследования в современном мире.– Украина, 2019. – № 8 – 2 (52). – С. 13-19.
32. Омурова, Ж. О., Шаршенбек к. Айпери Эгемендүү Кыргызстандын эл аралык интеграциянын алкагында өнүгүү тарыхынан [Текст] / Ж. О. Омурова // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2019. – Б. 101-107.
33. Омурова Ж.О. Сотрудничество Кыргызской Республики с Китайской Народной Республикой в рамках проекта «один пояс - один путь». [Текст] / Ж. О. Омурова // Вестник Волгоградского государственного университета. Серия4. История Регионоведение. Международные отношения.– Волгоград, 2019. – Т. 24. – № 5. – С. 236-249.
34. Омурова, Ж. О. Безопасность Кыргызстана в рамках Шанхайской организации сотрудничества [Текст] / Ж.О.Омурова // Материалы первого Алтаистического форума "Тюрко-монгольский мир большого Алтая: историко-культурное наследие и современность" (12-14 сентября, 2019). – Барнаул – Горно – Алтайск, – 2019. – С. 306-310.

Омурова Жамыйкат Орозбековнанын «**Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү**» аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – ;алпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** ШКУ, Борбордук Азия, Кыргызстан, Кытай, Россия, коопсуздук, "үч жамандык", экономикалык интеграция, маданий-гуманитардык алака, "ЖККУ", "Бир алкак, бир жол", АКШ, ЕБ.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстан жанаШанхай кызматташтык уюму (ШКУ).

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрдөгү кызматташтыгы жана уюмдун тарыхый өнүгүү этаптарын аныктоо болду.

**Изилдөөнүн максаты:** ааламдашуу доорунун көйгөйлөрүн жана интеграциялык процесстердин мазмунун ачып берүү менен Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттер менен кызматташтыгынын этаптарын аныктоо.

**Иштин методологиялык негизи:** Диссертацияда тарыхый изилдөөнүн төмөнкүдөй ыкмалары колдонулду – тарыхый – салыштырма, тарыхый – диахрондук, тарыхый – системалык, тарыхый –типологиялык ыкма ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргызстанда биринчи жолу доктордук диссертация деңгээлинде, ШКУнун авторитеттүү эл аралык уюм катары түптөлүү тарыхы ар тараптуу изилденип, анын тарыхый этаптары аныкталды; ошондой эле коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрдө ШКУга мүчө мамлекеттер менен ушул уюмдун алкагында Кыргызстандын ортосундагы кызматташтыкты ишке ашыруу процесстери талданды; Ата Мекендик тарыхнаамада ШКУну өнүктүрүүгө Кыргызстандын катышуусу биринчи жолу изилденүүчү тарабынан үч этапка бөлүнгөн (1991-1996-ж, 1997-2000-ж, 2001-ж. азыркы мезгилге чейин). Илимий айланпага алгач ШКУнун расмий документтери, Кыргыз Республикасынын Президентинин учурдагы архивинин, Улуттук статистика комитетинин, расмий аналитикалык материалдары ж.б. киргизилген, бул иштин булактык базасын кыйла кеңейткен.

**Колдонуу даражасы же колдонуу боюнча сунуштар:** Илимий иштин ШКУнун ишмердүүлүгүнө жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы Кытай жана Россия менен болгон байланышына анализ берүүгө илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоого колдонулушу абзел.

**Колдонуу чөйрөсү:** Диссертациялык иштин мазмуну Кыргызстандын окуу жайларында чөлкөм таануу, Ата Мекен тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУ тарыхы, заманбап дипломатия тарыхы сыяктуу атайын курстарды, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөө жүргүзгөн илимий чөйрөдө колдонсо болот.

**РЕЗЮМЕ**

докторской диссертации Омуровой Жамыйкат Орозбековны на тему: «**Кыргызстан и Шанхайская организация сотрудничества: этапы исторического развития и особенности**" на соискание ученой степени доктора исторических наук по специальности 07.00.02 – Отечественная история, 07.00.03 – Всеобщая история.

**Ключевые слова:** ШОС, Центральная Азия, Кыргызстан, Китай, Россия, безопасность, "три зла", экономическая интеграция, культурно-гуманитарное сотрудничество, ОДКБ, "Один пояс – один путь", США, ЕС.

**Объектом диссертационной работы:** Кыргызстан и Шанхайская организация сотрудничества (ШОС).

**Предмет исследования:** сотрудничество Кыргызстана в рамках ШОС в области безопасности, экономики и культурно–гуманитарной сферах определением этапов их истрического развития.

**Цель исследования:** определение этапов сотрудничества Кыргызской Республики со странами – членами ШОС с выявлением контента интеграционных процессов и проблем в эпоху глобализма.

**Методологическая основа работы**: В диссертации были применены следующих методов исторического исследования – историко–сравнительный, историко – диахронный, историко – системный методы, историко – типологический подход и др.

**Научная новизна исследования:** Впервые в Кыргызстане на уровне докторской диссертации комплексно исследована история основания ШОС, как авторитетной международной организации и определены ее исторические этапы; также проанализированы процессы реализации сотрудничества Кыргызстана в рамках этой организации со странами-членами ШОС в области безопасности, экономической и культурно-гуманитарной направлениях; В отечественной историографии участие Кыргызстана в развитии ШОС впервые было разделено соискателем на три этапа (1991-1996 гг., 1997-2000 гг., 2001 г.- по настоящее время). Официальные документы ШОС, материалы текушего архива Президента КР, материалы НСК КР, официальные аналитические и др. были впервые введены в научный оборот, что значительно расширило ее источниковедческую базу.

**Рекомендации по использованию:** Основные положения и выводы диссертационной работы могут быть использованы в анализе деятельности ШОС и взаимоотношений Кыргызстана с Китаем и Россией в рамках данной организации, в подготовке дальнейших научных проектов и других предложений.

**Область применения:** Содержание диссертации может быть использовано при создании обобщающих трудов и спецкурсов, учебников по регионоведению, Отечественной истории, истории Евразии, истории ШОС, современной дипломатии, при подготовке интернет-уроков и проведении сравнительных исследований в рамках данной темы.

**SUMMARY**

Omurova Zhamyikat Orozbekovna's Doctoral dissertation on the theme: «Kyrgyzstan **and the Shanghai Cooperation Organization: stages of historical development and features**" for the degree of Doctor of Historical Sciences, in specialty 07.00.02 – National history 07.00.03 – General history

**Key words:** SCO, Central Asia, Kyrgyzstan, China, Russia, security, "three evils", economic integration, cultural and humanitarian cooperation, CSTO, "One Belt - One Road", USA, EU

**The Object of research:** Kyrgyzstan and the Shanghai Cooperation Organization (SCO).

**The purpose research:** Cooperation of Kyrgyzstan in the framework of the SCO on security, economy cultural and humanitarian spheres by defining the stages of their historical development.

**The purpose of the study:** Determination the stages of cooperation between the Kyrgyz Republic and the SCO member countries with the identification of the content of integration processes and problems in the era of the globalism.

**Methodological basis of work:** The dissertation applied the following methods of historical research - historical-comparative, historical-diachronic, historical-systemic methods, historical-typological approach, etc.

**The scientific novelty of the thesis:** For the first time in Kyrgyzstan, at the level of a doctoral dissertation, the history of the founding of the SCO as an authoritative international organization has been comprehensively studied and its historical stages have been identified; also analyzed the processes of implementation of cooperation between Kyrgyzstan within the framework of this organization with the SCO member states in the field of security, economic, cultural and humanitarian areas; In domestic historiography, the participation of Kyrgyzstan in the development of the SCO was for the first time divided by the applicant into three periods (1991-1996, 1997-2000, 2001-present). Official documents of the SCO, materials of the current archive of the President of the Kyrgyz Republic, materials of the National Statistics Committee of the Kyrgyz Republic, (NSC KR), official analytical, etc. were first introduced into scientific circulation, which significantly expanded its source base.

**Recommendations for use:** The main provisions and conclusions of the thesis can be used in the analysis of the activities of the SCO and the relationship of Kyrgyzstan with China and Russia within the framework of this organization, in the preparation of further scientific projects and other proposals.

**Scope of application:** They can also be used in the creation of generalizing works and special courses on regional studies, Patriotic history, history of Eurasia, history of the SCO, modern diplomacy, in the preparation of Internet lessons and conducting comparative studies within the framework of this topic.